**2023-жылдын 1-январынан тартып 2023-жылдын 31-декабрына карата мезгил аралыгындагы Чүй областынын Кемин районунун жергиликтүү бюджеттеринин түзүлүшүнө жана аткарылышына, муниципалдык ишканалардын ишине жана республикалык бюджеттеги айрым мекемелердин бюджеттеринин аткарылышына жүргүзүлгөн шайкештик аудиттердин жыйынтыктары жөнүндө**

**Отчет**

**Аудит субъекттери**

Аудит субъекттери болуп - Кемин райондук мамлекеттик администрациясы, Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин Кемин райондук башкармалыгы, Кемин районунун Өнүктүрүү фонду, Кемин шаарынын мэриясы, Орловка шаарынын мэриясы, Кемин районунун өз алдынча башкаруу органдары жана муниципалдык ишканалары эсептелет.

**Жооптуу тараптардын милдеттери**

Аудит субъектинин жалпы милдеттерине мыйзамдарда белгиленген ыйгарым укуктарды жүзөгө ашыруу, ошондой эле, ушул аудиттин предметине болгон жоопкерчилик кирет.

**Аудит тобунун милдети**

Биздин милдет, биз жүргүзгөн аудиттин негизинде жергиликтүү бюджеттердин түзүлүшү жана аткарылышы мыйзамдын талаптарына (аудиттин критерийлерине) ылайык келүүсү жөнүндө өз алдынча корутундуларга келүү болуп саналат. Аудит корутундуларды тастыктоо үчүн жетиштүү жана тийиштүү далилдерди алуу үчүн жол-жоболорду аткарууну камтыйт. Аткарылган жол-жоболор аудитордун кесипкөйлүк пикирине, анын ичинде алдамчылыктан же катадан улам олуттуу шайкеш келбей калуу тобокелдигине баа берүүдөн көз каранды. Аудит аткарылган аудитордук жол-жоболор шарттарга ылайыктуу жана алынган аудитордук далилдер бул отчетто баяндалган корутундулар үчүн негиз болуп берүү үчүн жетиштүү жана ылайыктуу деп эсептейт.

**Предмети**

Аудиттин предмети болуп, жергиликтүү бюджеттерди түзүү жана аткаруу процесстеринин, ошондой эле, жергиликтүү бюджеттеги мекемелердин жана муниципалдык ишканалардын мамлекеттик каражаттарды жана мүлктү пайдалануунун Кыргыз Республикасынын ченемдик-укуктук актыларынын талаптарына шайкештиги эсептелет.

**Ишти аткарууда колдонулган аудит стандарттарын аныктоо**

Аудиттер шайкештик аудит үчүн жетектөөчү көрсөтмөлөргө, атап айтканда, ISSAI 400 жана ISSAI 100, ошондой эле, Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын Кеңешинин 2021-жылдын 29-мартындагы № 01-26/56 токтому менен бекитилген Шайкештик аудитинин колдонмосуна жана Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын Кеңешинин 2016-жылдын 20-декабрындагы №03-7/155 токтому менен бекитилген Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасы жана анын аймактык бөлүнүштөрү тарабынан жергиликтүү бюджеттерге аудит жүргүзүү боюнча колдонмосуна ылайык жүргүзүлдү.

**Этикалык талаптарга шайкештиги**

Аудиттин эл аралык стандарттары этикалык нормаларды сактоону, ошондой эле, аудиттин предмети анын бардык маанилүү аспекттеринде мыйзамдык жана жөнгө салуучу нормаларга ылайык келе тургандыгына негиздүү ишеним алуу үчүн, аудитти пландаштыруу жана жүргүзүүнү талап кылат.

**Аткарылган иштин кыскача мүнөздөмөсү**

Аудиттерди жүргүзүүнүн негизи болуп, Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын 2024-жылга аудитордук иш планы, Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын Бишкек шаары, Чүй жана Талас областтары боюнча аймактык бөлүмүнүн буйруктары саналат.

Аудиттер Кемин райондук мамлекеттик администрациясында, Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин Кемин финансы башкармалыгында, Кемин

районунун Өнүктүрүү фондунда, Кемин шаарынын мэриясында, Орловка шаарынын мэриясында, **11** айыл өкмөттөрүндө, **5** муниципалдык ишканаларында жүргүзүлгөн.

Аудиттер Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын Бишкек шаары, Чүй жана Талас областтары боюнча аймактык бөлүмүнүн бекитилген программасына ылайык, аудит субъекттеринин кызмат адамдары тарабынан берилген документтердин, материалдардын, маалыматтардын негизинде жүргүзүлгөн.

Кыргыз Республикасынын "Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасы жөнүндө" конституциялык Мыйзамынын 29-беренесинин 3-бөлүгүнө ылайык, аудитке берилген бухгалтердик документтердин толуктугу жана аныктыгы үчүн документтерди берген кызмат адамдары жоопкерчилик тартат.

**2022-жылдын 1-январынан тартып 2022-жылдын 31-декабрына чейинки мезгил аралыгына карата, мурдагы аудиттин сунуштамаларынын аткарылышы**

2022-жыл мезгил аралыгына карата Чүй областынын Кемин районунун жергиликтүү бюджеттеринин түзүлүшүнө жана аткарылышына, айрым мекемелердин бюджеттеринин аткарылышына жүргүзүлгөн аудиттердин жыйынтыктары боюнча бардыгы **52 495,1** миң сом финансылык бузуулар аныкталган.

Жүргүзүлгөн аудиттердин жыйынтыктары Кемин райондук мамлекеттик администрациясынын коллегиясында каралган. Калыбына келтирүүгө тийиш болгон 11153,6 миң сом финансылык бузуулардын 9282,6 миң сому калыбына келтирилген. Калыбына келтирилбеген 1871,0 миң сом калган, анын ичинде:

**-** "Жаңы-Алыш" машина-трактордук станциясы" муниципалдык ишканасы – **1856,6 миң сом** (убактылуу кызматкерлерден 10 пайыз өлчөмүндө жалпы суммасы 58,5 миң сом камсыздандыруу төгүмдөрү кармалган эмес жана которулган эмес, 2022-жылдын мартынан декабрына чейинки бухгалтердик эсептин маалыматтары (эмгек акыны иш жүзүндө эсептөө) менен МСКнын Кемин району боюнча башкармалыгына берилген, ушул эле мезгил үчүн STI-161 отчетунун ортосунда 15,9 миң сом өлчөмүндө айырмачылыктар аныкталган, негизсиз, тастыктоочу документтерсиз 1782,2 миң сомго күйүүчү-майлоочу материалдар жана запастык бөлүктөр сарпталган). *Аудиттин материалдары укуктук баа берүү үчүн 2024-жылдын 26-апрелинде №01-9/114 каты менен Чүй областынын прокуратурасына жиберилген.*

- Кара-Булак айыл өкмөтү – жол баракчалары жана эсептен чыгаруу актылары түзүлбөстөн **14,4 миң сомго** КММ эсептен негизсиз чыгарылган.

**Кемин районунун 2023-жылга социалдык-экономикалык көрсөткүчтөрү.**

Аймактарды өнүктүрүү максатында 2023-жылы Кыргыз Республикасынын Президентинин 2022-жылдын 10-мартындагы №75 "Инвестициялар чөйрөсүндөгү башкаруу системасын өркүндөтүү жана Кыргыз Республикасынын инвестициялык потенциалын жогорулатуу боюнча чаралар жөнүндө" Жарлыгынын аткаруу максатында 2023-жылдын 12 айында Кемин районунун иш-аракеттер, милдеттер боюнча жалпысынан 10 млрд. сомго иштер аткарылган.

2023-жылдын 12 айында капиталдык салымдар 7 млрд. 469 млн. 65 миң сом түзүп, 2022-жылдын - 12 айына салыштырмалуу 6 млрд. 660 млн. 229 миң сомго көп болгон (2022 жыл 12 айында 808 млн. 836 миң сом түзгөн).

2023-жылдын 12 айында 21 млрд. 908 млн. 699 миң сомго өнөр жай продукциясы өндүрүлүп, көлөмү 2022-жылдын - 12 айына салыштырмалуу 1 млрд. 831 млн. 84 миң сомго көп болгон (2022-жыл 12 айында – 20 млрд. 77 млн. 616 миң сом).

Физикалык көлөмдүн индекси 97 пайызды түзгөн.

2023-жылдын 12 ай ичинде 454 жаңы жумуш орун ачылып, жалпысынан 20 объект ишке берилген.

2023-жылдын январь-декабрь айларында болжолдогу 1 млрд. 266 млн. 938 миң сомдун ордуна 1 млрд. 311 млн. 204 миң сом суммасында салык жана камсыздандыруу төгүмдөрү жыйналган, же 44 млн. 265 миң сомго ашыгы менен камсыздалып, план 103,5% аткарылган.

2022-жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу 178 млн. 644 миң сомго көп жыйналган же өсүү темпи 115,7% түзөт.

2023-жылдын 12 айында 76 млн. 252 миң сомго 4 592,9 кв. м. 45 турак-жай пайдаланууга берилген, бул 2022-жылга карата 14,8% көп.

Бардык айыл чарба продукциясынын дүң өндүрүштүн наркы 2023-жылдын жыйынтыгы боюнча 2 млрд. 809 млн. 947 миң сом болуп, 2022-жылга салыштырмалуу өсүү темпи 105,0 % түзгөн.

Райондун дыйкан-фермерлери колдонуудагы айыл чарба техникаларын жаңылатуу максатында 2023-жылы лизинг программасы аркылуу 25 фермерлер тарабынан, жалпы наркы 98 млн. 6 миң 483 сомго, ар кандай айыл чарба техникалары алынган.

2023-жылы райондо 12 877 үй-бүлө (аларда 51 362 адам) жашаган, алардын ичинен 648 үй-бүлөгө социалдык паспорттор толтурулган.

**2023-жылга жергиликтүү бюджеттин аткарылышы.**

2023-жылга киреше жана чыгаша бөлүктөрү боюнча жалпы, атайын каражатты жана мамлекеттик башкаруу секторунун трансферттерди эсепке алганда, 349 981,1 миң сом (атайын эсептин каражаттары 15 586,0 миң сом, мамлекеттик башкаруу секторунун трансферттердин суммасы 20 209,0 миң сом) суммасында каралып жергиликтүү кеңештеринин токтомдорунун негизинде бекитилген. Жыл ичинде өзгөртүүлөрдөн жана толуктоолордон кийин жалпы киреше боюнча, атайын каражатты жана теңдөөчү грантты эсепке алганда, 406 674,6 миң сомго такталган, анын ичинен шаарлардын бюджети 193 852,3 миң сомду жана айыл өкмөттөрүнүн бюджети 212 822,3 мин сомду түзгөн.

2023-жылдын бюджетинин киреше бөлүгү 445 367,3 миң сомго аткарылган (анын ичинен атайын эсептин каражаттары 23 702,1 мин сом, мамлекеттик башкаруу секторунун трансферттердин суммасы 51 137,4 миң сом), же такталган планга салыштырмалуу 109,5% аткарылган, же пландан ашык 38 692,7 миң сом түшүүсү камсыздалган.

Жыл ичинде өзгөртүүлөрдөн жана толуктоолордон кийин бюджеттин жалпы чыгаша бөлүгү 507 946,0 миң сомго такталып, кассалык чыгымдар 439 548,9 миң сомго аткарылса, накталай чыгымдар 334 692,5 миң сомду түзгөн.

Чүй областынын Кемин районунда жүргүзүлгөн учурдагы аудиттерде **41 763,2 миң сом** финансылык бузуулар аныкталган *(аудиттердин жүрүшүндө 3014,9 миң сом калыбына келтирилген),* анын ичинде:

**110105** Бюджеттик мыйзамдын талаптарына бюджет долбоорунун киреше бөлүгүнүн туура келбеши - 8419,6 миң сом.

**210201** Эсептөөнүн тууралыгына, бюджетке төлөмдөрдүн толуктугуна жана өз убагында жүргүзүлүшүнө, алар боюнча туумдардын чегерилишине жана төлөнүшүнө контролдук кылуу боюнча чараларды көрбөгөндүк - 68,1 миң сом;

**210305** Милдеттүү төлөмдөрдү бюджетке которбоо (кечигип же толук эмес которуу) – 221,5 миң сом (*аудиттин жүрүшүндө 129,2 миң сом калыбына келтирилген)*;

**210306** Кайтарылуучу негизде алынган бюджеттик каражаттарды кайтарбоо же өз убагында кайтарбоо, компенсациялык негизде берилген бюджеттик каражаттарды (бюджеттик ссуда же кредит) пайдалангандыгы үчүн чегерилген пайыздарды которбоо, же өз убагында которбоо - 1474,4 миң сом;

**230102** Башка булактардан каржыланууга тийиш болгон чыгашаларды төлөө үчүн бюджеттик каражаттарды пайдалануу – 443,8 миң сом;

**230207** Курулуш-монтаждоо иштеринин наркын же көлөмдөрүнүн жогорулатылышы – 10060,3 миң сом;

**230303** Кызматкерлердин эмгегине төлөө жана акчалай түрдөгү жана башка төлөмдөр боюнча ченемден ашык чыгымдар – 885,4 миң сом;

**230305** ТМБ жана башка чыгашалар боюнча ченемден ашык чыгымдар – 2134,5 миң сом;

**230306** ТМБ нормативден ашыкча запастары жана эсептөөлөрдөгү каражаттар – 2727,4 миң сом;

**310104** Негизги каражаттарды капиталдаштыруунун тартибин бузуу, негизги каражаттардын жана материалдык эмес активдердин амортизациясын эсептөөдөгү бузуулар. Белгиленген тартипте капиталдаштырылбаган эсепке алынбаган мүлктүн болушу - 2264,6 миң сом (*аудиттин жүрүшүндө толугу менен калыбына келтирилген)*;

**310301** Бузуулардын негизги топторуна кирбеген мүлктү пайдаланыудагы башка бузуулар – 15,0 миң сом;

**410101** Жылдын акырына карата бюджеттин аткарылышы/кирешелери, каражаттары жөнүндө отчеттуулуктун тартибин бузуулар - 21,5 миң сом;

**410205** Эмгек акыны, иш сапардык чыгымдарды, пособиелерди, компенсацияларды жана башка төлөмдөрдү төлөөгө байланышкан бузуулар – 1083,8 миң сом;

**410215** Дебитордук карыздарды эсепке алуудагы бузуулар – 621,1 миң сом (*аудиттин жүрүшүндө толугу менен калыбына келтирилген)*;

**410301** Бухгалтердик эсептин жана отчеттуулуктун тартибинин башка бузуулары – 203,7 миң сом;

**510103** Мыйзамдын талаптарына ылайык конкурс өткөрбөстөн (товарларды, жумуштарды жана кызмат көрсөтүүлөрдү) сатып алуу – 6841,1 миң сом;

**510114** Мамлекеттик сатып алуулар чөйрөсүндөгү жана башка бузуулар – 4277,4 миң сом.

**Корутунду:**

Жүргүзүлгөн аудиттердин жыйынтыгында, төмөнкү мекемелердин, уюмдардын жана ишканалардын иштери, төмөндөгү жагдайлардан тышкары, бардык олуттуу аспекттер боюнча, мыйзамдардын талаптарына шайкеш келгендиги аныкталды.

**Кемин райондук мамлекеттик администрациясы**

2023-жылга бюджеттик каражаттар боюнча чыгымдар сметасы 33 448,6 миң сомго бекитилген, жыл ичиндеги өзгөрүүлөр менен бюджеттик чыгымдарлар смета боюнча 43796,8 миң сомго тактaлып, кассалык чыгымдар жалпысынан 36 250,6 миң сомго аткарылса, накталуу чыгымдар 36 053,4 миң сомду түзгөн.

**1. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

2023-жылга Кемин районун жергиликтүү бюджетте турган мекеме органдардын электроэнергияны пайдалануунун ченеми 740,1 миң кВт/саат бекитилген. Айыл өкмөттөрдө жаны курулган имараттар, жаңы көчөлөрдү жарыктандыруу ишке киргизилгендиги жана 2019-жылдан бери электр энергияны пайдалануунун ченеми көтөрүлбөгөндүгүнө байланыштуу, электр энергиясын иш жүзүндөгү пайдаланганы 864,1 миң кВт/саатты түзүп, жыйынтыгында 124,0 миң кВт/саат **472,3 миң сомго** ашыкча сарпталган (Жаңы-Алыш айыл өкмөтү-87,5 миң сом, Кара-Булак айыл өкмөтү-106,6 миң сом, Кичи-Кемин айыл өкмөтү-278,2 миң сом).

**Сунуштама:**

Мындан ары, бюджеттик каражаттарды рационалдуу жана натыйжалуу пайдалануу максатында, электр энергиясын пайдаланууга бекитилген ченемдер так сакталсын жана электр энергиясына ченемдерди бекитүүдө, жаңы ишке киргизилген имараттар жана көчөлөрдү жарыктандыруу боюнча электр энергиясын чыгымдоосу эске алынсын.

**2. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 3-ноябрындагы № 694 токтому менен бекитилген "Бюджеттик мекемелерди финансылоодо Жылдык отчеттор боюнча эсептөөлөрдө товардык-материалдык баалуулуктардын нормативден ашыкча запастарын жана каражаттар калдыктарын эсепке алууну жүргүзүүнүн тартиби жөнүндө" Нускаманы бузуу менен, 2023-жылдын аягына карата **33,7 миң сомго** чарбалык материалдардын жана кеңсе товарларынын нормативден ашыкча запастары калган.

**Сунуштама:**

Мындан ары, товардык-материалдык баалуулуктардын нормативден ашыкча запастарынын болушуна жол берилбесин. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 3-ноябрындагы №694 токтому менен бекитилген “Бюджеттик мекемелерди финансылоодо Жылдык отчеттор боюнча эсептөөлөрдө товардык-материалдык баалуулуктардын нормативден ашыкча запастарын жана каражаттар калдыктарын эсепке алууну жүргүзүүнүн тартиби жөнүндө” Нускаманын талаптары так сакталсын.

Чарбалык материалдар жана кеңсе товарлары боюнча 33,7 миң сомго нормативден ашыкча запастары кийинки жылга каржылоодо эсепке алынсын.

Аудит жүргүзгөн мамлекеттик инспектор Исанов Т.

**Кемин шаарынын мэриясы**

Кемин шаарынын мэриясынын 2023 - жылга карата мэриянын кирешелер бөлүгү активдер, милдеттенмелер жана трансферттер менен кошулуп жалпы жыл башында 57 632,1 миң сомго бекитилген, жыл ичиндеги бюджеттик өзгөртүүлөрдөн кийин 75837,8 миң сомго такталган планы, накталай аткарылышы 90 028,5 миң сомду түзүп, бекитилген план 118,7 % аткарылган, башкача айтканда накталй киреше 14 190,7 миң сомго бекитилген пландан көп түшкөн. 2023-жылдын 1-январына карата эркин каражаттары 21 809,9 миң сомду түзгөн.

Бюджеттин чыгаша бөлүгү атайын каражатсыз бюджет эсеби менен 53 479,1 миң сомго бекитилген жана жыл ичинде 90 216,6 миң сомго такталган. Кассалык чыгымдар 79 481,4 миң сомго аткарылса, накталай чыгымдар 58 352,1 миң сомду түзгөн.

1. **Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

2023-жылдын 1-январына карата, калктуу конуштардагы жерлердин ижарачыларынын жана айыл чарба жерлерине кирбеген жерлерин пайдалануу үчүн жер салыгы боюнча карыздары 514,8 миң сомду түзгөн, бирок, аталган булактардан түшүүчү кирешелер планга бекитилбестен, бюджеттин киреше бөлүгү **514,8 миң сомго** негизсиз төмөндөтүлгөн, жана бюджеттин жоготуулары болуп эсептелет.

**Сунуштама:**

Ижаралоо жана жер салыгы боюнча кирешелердин финансылык жылга план-болжолун, өткөн жылдын аягына карата ижарачылардын дебитордук карыздарынын калдыгын эске алуу менен түзүлсүн.

2. **Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2000-жылдын 14-мартындагы № 135 токтому менен бекитилген “Коштоп иштегендердин эмгегин жөнгө салуунун өзгөчөлүктөрү жөнүндө” Жобонун 2-пунктун бузуу менен, Кемин шаарынын мэриясынын 5 кызматкерлерине айкалыштырып (совместитель) иштегендердин эмгегине негизсиз 80 % өлчөмүндө жалпы суммасы **133,0 миң сом** ашыкча эмгек акы эсептелген, анын ичинде Социалдык төлөмдөр 19,8 миң сомду түзгөн.

**Сунуштама:**

Мындан ары, кызматкерлерди айкалыштырып иштетүүдө, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2000-жылдын 14-мартындагы № 135 токтому менен бекитилген “Коштоп иштегендердин эмгегин жөнгө салуунун өзгөчүлүктөрү жөнүндө” Жобонун талаптары так сакталсын.

3. **Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

2023-жылдын ичинде 2 кызматкерден **80,1 миң сом** камсыздандыруу төгүмдөрү кармалган, бирок, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2020-жылдын 17-июлундагы № 385 токтому менен бекитилген “Мамлекеттик социалдык камсыздандыруу боюнча камсыздандыруу төгүмдөрүн эсептөөнүн жана төлөөнүн тартиби жөнүндө” Нускаманын талаптарын бузуу менен, Социалдык фондго которулган эмес.

**Сунуштама:**

Пенсиялык топтоо фондунун кызматкерлерден кармалган 80,1 миң сом акча каражаты тиешелүү бюджетке которулсун. Мындан ары, камсыздандыруу төгүмдөрүн төлөө тартиби жана мөөнөтү бөлүгүндө, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2020-жылдын 17-июлундагы № 385 токтому менен бекитилген “Мамлекеттик социалдык камсыздандыруу

боюнча камсыздандыруу төгүмдөрүн эсептөөнүн жана төлөөнүн тартиби жөнүндө" Нускаманын талаптары так аткарылсын.

**4. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кемин шаарынын мэриясынын 2023 - жылга электр энергиясын пайдаланууга 919,6 миң кВт/саат ченем бекитилген, иш жүзүндө пайдаланылганы 923,6 кВт/ саатты түзгөн, же 4,0 кВт/ саат, **10,0 миң сомго** ашыкча пайдаланылган.

**Сунуштама:**

Мындан ары, бюджеттик каражаттарды рационалдуу жана натыйжалуу пайдалануу максатында, электр энергиясын пайдаланууга бекитилген ченемдер так сакталсын.

**5. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду**:

«Кемин шаарынын Жибек-Жолу көчөсүн жарыктандыруу жана таянычтарын орнотуу курулуш иштери» объектиси боюнча подрядчы "АА Энерго Монтаж" ЖЧКсы тарабынан аткарылган курулуш-куроо жана оңдоо иштерине жүргүзүлгөн аудитте, 297,5 миң сомго жумуштардын көлөмдөрү жогорулатылгандыгы жана аткарылган иштердин актысына 12% КНС 667,0 миң сомго негизсиз кошулгандыгы аныкталган.

**Сунуштама**:

"Кемин шаарынын Жибек-Жолу көчөсүн жарыктандыруу жана таянычтарын орнотуу курулуш иштери" объектиси боюнча подрядчы "АА Энерго Монтаж" ЖЧКсы тарабынан 964,6 миң сомго иштердин жогорулатылган көлөмүн бюджетке калыбына келтирүү боюнча чаралар көрүлсүн.

Аудит жүргүзгөн мамлекеттик инспекторлор А. Омурсаков, С. Кокошеров, Д. Кубанычбеков.

**«Кемин Суу канал» муниципалдык ишканасы** (уюштуруучусу Кемин шаарынын мэриясы) 2023-жылга кирешеси 4 927,2 миң сом өлчөмүндө камсыздалып, ал эми чыгашасы 4948,7 миң сомго аткарылган, же 2023-жылы финасалык чарбалык иштери 21,5 миң сомго зыян менен жабылган.

**1. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2010-жылы 07-октябрындагы №231 токтому менен бекитилген "Ишкердик субъекттеринин, коммерциялык эмес уюмдардын (бюджеттик мекемелерди албаганда) бухгалтердик эсебиндеги документтердин жүгүртүлүшү жөнүндө" Жобонун талаптарын бузуу менен, "Кемин суу-канал" муниципалдык ишканасынын 2023 - жылга түзгөн киреше декларациясындагы маалыматтар менен аудит аныктаган накталай кирешеси жана чыгашасынын ортосундагы айырмачылык **21,5 миң сомду** түзгөн.

**Сунуштама:**

Ишкананын 2023 - жылга түзүлгөн киреше декларациясындагы маалыматтарына 21,5 миң сомго оңдоп-түзөөлөр киргизилсин. Мындан ары, бухгалтердик эсепти жүргүзүүдө, жана жылдык отчетторду түзүүдө, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2010-жылдын 7-октябрындагы №231 токтому менен бекитилген "Ишкердик субъекттеринин, коммерциялык эмес уюмдардын (бюджеттик мекемелерди албаганда) бухгалтердик эсебиндеги документтердин жүгүртүлүшү жөнүндө" Жобонун талаптары так сакталсын.

**2. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 10-июнундагы №301 токтому менен бекитилген «Мамлекеттик жана муниципалдык ишканалар, уставдык капиталдагы катышуу үлүшүнүн 50 жана андан ашык пайызы мамлекетке таандык болгон чарбакер коомдор, анын ичинде алардын туунду чарбалык коомдору тарабынан сатып алууларды уюштуруунун жана ишке ашыруунун» Типтүү тартибинин талаптарын бузуу менен, **637,2 миң сомго** ТМБ жана кызматтар конкурс өткөрүлбөстөн сатылып алынган.

**Сунуштама:**

Мындан ары, товардык материалдык баалуулуктарды жана кызматтарды сатып алуулар, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 10-июнундагы №301 токтому менен бекитилген «Мамлекеттик жана муниципалдык ишканалар, уставдык капиталдагы катышуу үлүшүнүн 50 жана андан ашык пайызы мамлекетке таандык болгон чарбакер коомдор, анын ичинде алардын туунду чарбалык коомдору тарабынан сатып

алууларды уюштуруунун жана ишке ашыруунун» Типтүү тартибинин талаптарына ылайык жүргүзүлсүн.

Аудит жүргүзгөн мамлекеттик инспекторлор А. Омурсаков, С. Кокошеров

**Орловка шаарынын мэриясы**

2023-жылга бюджеттин киреше бөлүгү 111 094,4 миң сом өлчөмүндө бекитилген (бюджеттик каражаттар 106 294,4 миң сом, атайын каражаттар 4 800,0 миң сом), анын ичинде салыктык кирешелердин түшүүсү 93 155,0 миң сом суммасында каралган, салыктык эмес кирешелер 17 939,4 миң сомго божомолдонгон.

Бюджеттин чыгаша бөлүгү 111 094,4 миң сом өлчөмүндө бекитилген, анын ичинен бюджеттик каражаттар 106 294,4 миң сом суммасында каралган, атайын эсептин каражаттары 4 800,0 миң сом суммасында бекитилген, жыл ичинде 135 878,9 миң сомго такталган, кассалык чыгымдар 100 538,9 миң сомго аткарылса жана иш жүзүндөгү чыгымдар 94181,4 миң сомду түзгөн.

**1. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 88-беренесинин 5-пунктун бузуу менен, Орловка шаарынын 2023-жылга социалдык-экономикалык өнүктүрүү программалары 2023-жылдын 31-январында бекитилген.

**Сунуштама:**

Мындан ары, социалдык-экономикалык өнүктүрүү программаларын бекитүү мөөнөттөрүн сактоо бөлүгүндө, Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 88-беренесинин талаптары так аткарылсын.

**2. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

АЧЖМФ жерлеринин ижарачылар менен түзүлгөн келишимдер боюнча ижара акысынын суммасы 972,9 миң сомду түзгөн, 2023-жылдын 1-январына карата ижарачылардын карызы 46,3 мин сом болгон, ал эми 2023-жылдагы АЧЖМФ жерлерин ижарага берүүдөн түшкөн киреше такталган план боюнча 700,0 миң сомго бекитилген, же аталган киреше булагы боюнча план орто эсеп менен 319,2 миң сомго негизсиз төмөндөтүлгөн жана бюджеттин жоготуулары болуп эсептелет;

Калктуу конуштардагы жерлеринин ижарачылар менен түзүлгөн келишимдер боюнча ижара акысынын суммасы 123,8 миң сомду түзгөн, 2023-жылдын 1-январына карата ижарачылардын карызы 259,4 мин сомду түзгөн, ал эми 2023-жылдагы Калктуу конуштардагы жерлерин ижарага берүүдөн түшкөн киреше такталган план боюнча 185,7 миң сомго бекитилген, же план орто эсеп менен 197,2 миң сомго негизсиз төмөндөтүлгөн жана бюджеттин жоготуулары болуп эсептелет;

Муниципалдык менчикте турган жайлардын, имараттардын жана курулмалардын ижарачылар менен түзүлгөн келишимдер боюнча ижара акысынын суммасы 148,7 миң сомду түзгөн, 2023-жылдын 1-январына карата ижарачылардын карызы 8,3 мин сомду түзгөн, ал эми 2023-жылдагы муниципалдык менчикте турган жайлардын, имараттардын жана курулмалардын ижарага берүүдөн түшкөн кирешелер такталган план боюнча 120,0 миң сомго бекитилген, же жалпы план орто эсеп менен 37,0 миң сомго негизсиз төмөндөтүлгөн, жана бюджеттин жоготуулары болуп эсептелет.

2023-жылга карата бюджеттин киреше бөлүгүнүн жогоруда келтирилген булактары боюнча план негизсиз **553,4 миң со**мго төмөндөтүлгөн.

**Сунуштама:**

Орловка шаарына тийиштүү жерлерин, жана муниципалдык менчиктеги мүлктөрдү ижаралоо боюнча кирешелердин финансылык жылга план-болжолу ижара боюнча түзүлгөн келишимдердин жалпы суммасын, ошондой эле, өткөн жылдын аягына карата ижарачылардын дебитордук карыздарынын калдыгын эске алуу менен түзүлсүн.

**3. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын Эмгек Кодексинин 74-беренесин Кыргыз Республикасынын “Мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат жөнүндө” Мыйзамынын 16-беренесинин 1-бөлүгүн бузуу менен, кадрлар резервинде турбаган 1 жаран айыл

өкмөтүнүн бош кызмат ордуна негизсиз ишке алынган, ага **544,5 миң сом** эмгек акы төлөнгөн, анын ичинде Социалдык фонд төлөмдөрү 80,1 миң сом.

**Сунуштама:**

Мындан ары, бош кызмат орундарына кызматкерлерди кабыл алууда, Кыргыз Республикасынын Эмгек Кодекси жана Кыргыз Республикасынын "Мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат жөнүндө" Мыйзамы жетекчиликке алынсын.

Кадрлар резервинде турбаган айыл өкмөтүнүн бош кызмат ордуна негизсиз ишке алынганга жол берген кызмат адамдарынын жоопкерчилиги каралсын.

**4. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 5-августундагы № 451 "Кыргыз Республикасынын жергиликтүү өз алдынча башкаруусунун аткаруу органынын типтүү түзүмүн жана штаттык санын бекитүү жөнүндө" токтомунун талаптарын бузуу менен, Орловка шаарынын мэриясынын штаттык бирдигинин типтүү түзүмүндө каралбаган штаттык бирдиктер контракттын негизинде негизсиз ишке алынып, 2023-жылы **591,5 миң сом** айлык акы эсептелип төлөнгөн.

**Сунуштама:**

Орловка шаарынын штаттык ырааттамасы Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2024-жылдын 7-февралындагы № 52 токтому менен бекитилген "Пилоттук режимде административдик-аймактык реформа жүргүзүү мезгилинде Кыргыз Республикасынын жергиликтүү өз алдынча башкаруусунун аткаруу органдарынын ишин уюштуруу жөнүндө" Жобого ылайык келтирилсин.

Ашыкча штаттык бирдиктердин ишке алынышына жол берген кызмат адамдарынын жоопкерчилиги каралсын.

**5. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 3-ноябрындагы №694 токтому менен бекитилген "Бюджеттик мекемелерди финансылоодо Жылдык отчеттор боюнча эсептөөлөрдө товардык-материалдык баалуулуктардын нормативден ашыкча запастарын жана каражаттар калдыктарын эсепке алууну жүргүзүүнүн тартиби жөнүндө" Нускаманы бузуу менен, кийинки жылдагы каржылоодо эсепке алуунууга тийиш **769,2 миң сомдук** дебитордук карыздардын калдыгы эсепте калган.

**Сунуштама**:

Мындан ары, товардык-материалдык баалуулуктардын нормативден ашыкча запастарынын болушуна жол берилбесин. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 3-ноябрындагы №694 токтому менен бекитилген "Бюджеттик мекемелерди финансылоодо жылдык отчеттор боюнча эсептөөлөрдө товардык-материалдык баалуулуктардын нормативден ашыкча запастарын жана каражатта калдыктарын эсепке алууну жүргүзүүнүн тартиби жөнүндө" Нускаманын талаптары так сакталсын.

Дебитордук карыздар боюнча 769,2 миң сомго нормативден ашыкча запастары кийинки жылга каржылоодо эсепке алынсын.

**6. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

2023-жылга электр энергиясын пайдаланууга 572,6 миң кВт/с өлчөмүндө ченем бекитилген, иш жүзүндөгү чыгым 694,1 миң кВт/с түзгөн, же белгиленген ченемден ашык 121,5 миң кВт/с, **466,4** миң сомго электр энергиясы пайдаланылган.

2023-жылга жылуулук энергиясын пайдаланууга 908,7 Гкал ченем бекитилген, иш жүзүндө пайдаланылганы 952,6 Гкал түзүп, ченемден ашыкча 43,9 Гкал, **467,9 миң сомго** пайдаланылган.

**Сунуштама:**

Мындан ары, бюджеттик каражаттарды рационалдуу жана натыйжалуу пайдалануу максатында, электр энергиясын жана жылуулук энергиясын пайдаланууга бекитилген ченемдер так сакталсын.

**7. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2007-жылдын 22-июнундагы №243 токтому менен жактырылган «Айыл чарба жерлеринин мамлекеттик фондунун жерлерин ижарага

берүү шарттары жана тартиби тууралуу” Типтүү Жобосунун 80-пунктун бузуу менен, ижарачылар менен түзүлгөн келишимдер райондук мамлекеттик кыймылсыз мүлктөрдү каттоо кызматында каттодон өткөн эмес.

**Сунуштама:**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2007-жылдын 22-июнундагы №243 токтому менен жактырылган «Айыл чарба жерлеринин мамлекеттик фондунун жерлерин ижарага берүү шарттары жана тартиби тууралуу” Типтүү Жобосунун 80-пунктуна ылайык, Фонддун жерлерин ижаралоо келишими кыймылсыз мүлккө укуктарды каттоо органдарында мамлекеттик каттоодон өткөрүлсүн.

**8. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

-2023-жылдын 1-январына өндүрүлбөй калган АЧЖМФ жерлеринин ижара акысы 46,3 миң сомду түзгөн. Түзүлгөн келишимдердин негизинде 653,9 га жерге ижара акысы 972,9 миң сомду түзгөн, ал эми жыл ичинде 944,3 миң сом өндүрүлгөн. 2024-жылдын 1-январына өндүрүлбөй калган ижара акысы 74,9 миң сом түзүп, киреше катары түшпөй калган;

-2023-жылдын 1-январына өндүрүлбөй калган калктуу конуштарда жер ижара акысы 259,4 миң сомду түзгөн. Түзүлгөн келишимдердин негизинде ижара акысы 123,8 миң сомду түзгөн, ал эми жыл ичинде 209,8 миң сом өндүрүлгөн. 2024-жылдын 1-январына өндүрүлбөй калган ижара акысы 173,4 миң сом түзүп, киреше катары түшпөй калган;

- 2023-жылдын 1-январына өндүрүлбөй калган муниципалдык менчикте турган жайлардын, имараттардын жана курулмалардын ижара акысы 8,3 миң сомду түзгөн. Түзүлгөн келишимдердин негизинде ижара акысы 148,7 миң сомду түзгөн, ал эми жыл ичинде 150,8 миң сом өндүрүлгөн. 2024-жылдын 1-январына өндүрүлбөй калган ижара акысы 6,2 миң сом түзүп, киреше катары түшпөй калган.

**Сунуштама:**

Орловка шаарына тийиштүү жерлеринин, жана муниципалдык менчиктеги мүлктөрдүн ижара акыларын, анын ичинде айыптык санкциялар боюнча карыздарды өндүрүү боюнча иштиктүү иш-чаралар жүргүзүлсүн.

**9. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын Финансы министирлигинин 2023-жылдын 11-июлундагы №2-Б буйругу менен бекитилген «Мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсепти жана финансылык отчетту жүргүзүү боюнча» Жобонун 141 жана 142-пункттарын бузуу менен, Орловка шаарынын №1 орто мектебинин спорт залын капиталдык оңдоодон өткөрүп, курулуш иштеринин аяктагандыгы жөнүндө актыга кол коюулуп, негизги каражатка тиешелүү кийинки чыгымдар негизги каражаттардын баланстык наркына **718,1 миң сом** кошулуп, капитализация болгон эмес. Аудит учурунда тийиштүү эсептер боюнча бухгалтердик жүгүртүүлөр аткарылып, негизги каражаттардын баасы көбөйтүлгөн.

**Сунуштама:**

Аудит жүрүшүндө бухгалтердик маалымкат тузүлүп, капитализациялоо болгону эске алынсын. Мындан ары, негизги каражаттарды эсепке алууда, Кыргыз Республикасынын Финансы министирлигинин 2024-жылдын 22-январындагы №1-Б буйругу менен бекитилген “Мамлекеттик башкаруу секторунун уюмдары тарабынан бухгалтердик эсепти уюштуруу жана жүргүзүү боюнча” Жобонун талаптары так сакталсын.

**10. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын Финансы министирлигинин 2018-жылдын 25-декабрындагы №137-п буйругу менен бекитилген “Мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсепти жана финансылык отчетуу жүргүүзү боюнча” Жобонун 127-пунктун бузуу менен, 2023-жылы **796,5 миң сомго** курулган 6 автобустук аялдама павильондору эсепке алынган эмес жана балански коюлган эмес.

**Сунуштама:**

Аудит жүрүшүндө бухгалтердик маалымкат тузүлүп, 796,5 миң сомго негизги каражаттар балански алынганы эске алынсын. Мындан ары, негизги каражаттарды эсепке алууда, Кыргыз Республикасынын Финансы министирлигинин 2024-жылдын 22-январындагы №1-Б буйругу менен бекитилген “Мамлекеттик башкаруу секторунун уюмдары

тарабынан бухгалтердик эсепти уюштуруу жана жүргүзүү боюнча” Жобонун талаптары так сакталсын.

**11. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

«Орловка шаарынын мэриясына караштуу Кашка айылынын балдар оюн аянтчасын орнотуу курулуш иштери» объектиси боюнча подрядчы "Н. Н. Головатинских" ЖИ тарабынан аткарылган курулуш-куроо жана оңдоо иштерине жүргүзүлгөн аудитте **53,5 миң сомго** жумуштардын көлөмдөрү жогоруталгандыгы аныкталган.

**Сунуштама:**

Орловка шаарынын мэриясына караштуу Кашка айылынын балдар оюн аянтчасын орнотуу курулуш иштери» объектиси боюнча подрядчы "Н. Н. Головатинских" ЖИ тарабынан 53,5 миң сомго иштердин жогорулатылган көлөмүн бюджетке калыбына келтирүү боюнча чаралар көрүлсүн.

Аткарылган иштердин актысын кабыл алган кызмат адамдардын жоопкерчилиги каралсын.

**12. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

«Орловка шаарынын таштандылар аянтын куру курулуш иштери” объектиси боюнча подрядчы "Кызмат Групп" ЖЧКсы тарабынан аткарылган курулуш-куроо жана оңдоо иштерине жүргүзүлгөн аудитте **16,1 миң сомго** жумуштарынын көлөмдөрү жогорулатылгандыгы аныкталган.

**Сунуштама:**

“Орловка шаарынын таштандылар аянтын куруу курулуш иштери” объектиси боюнча подрядчы "Кызмат Групп" ЖЧКсы тарабынан 16,1 миң сомго иштердин жогорулатылган көлөмүн бюджетке калыбына келтирүү боюнча чаралар көрүлсүн.

**13. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

«Орловка шаарынын №2 орто мектебинин оңдоо иштери” объектиси боюнча подрядчы "Кызмат Групп" ЖЧКсы тарабынан аткарылган курулуш-куроо жана оңдоо иштерине жүргүзүлгөн аудитте **26,8 миң сомго** жумуштарынын көлөмдөрү жогорулатылгандыгы аныкталган.

**Сунуштама:**

Орловка шаарынын №2 орто мектебинин оңдоо иштери подрядчы "Кызмат Групп" ЖЧКсы тарабынан 26,8 миң сомго иштердин жогорулатылган көлөмүн бюджетке калыбына келтирүү боюнча чаралар көрүлсүн.

**14. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

«Орловка шаарынын ички чарбалык суу каналын оңдоо иштери” объектиси боюнча подрядчы "Восток Энерго Строй" ЖЧКсы тарабынан аткарылган курулуш-куроо жана оңдоо иштерине жүргүзүлгөн аудитте, объектинин тиешелүү макулдашылган долбоору жана башка шаар куруу-архитектуралык, аткаруу документтери көрсөтүлгөн эмес.

**Сунуштама:**

Тапшырыкчы Орловка мэриясы жана подрядчы "Восток Энерго Строй" ЖЧКсы долбоор, шаар куруу-архитектуралык жана аткаруу тиешелүү документтери мыйзам түрүндө тартипке келтирилсин.

Аудит жүргүзгөн мамлекеттик инспекторлор Исанов Т., Кубанычбеков Д.

**“Орловка Суу каналы” муниципалдык ишканасы** (уюштуруучусу Орловка шаарыфнын мэриясы)

2023-жылдын иш жүзүндө кирешеси 29 614,7 миң сомду түзгөн, анын ичинен өздүк ишмердүүлүгүнүн негизинде кирешени 11 614,7 миң сом жана Орловка шаарынын мэриясы тарабынан берилген субсидия 20 000,0 миң сом.

Чыгымдары 29 890,5 миң сомду түзгөн, же 2023-жылдын жыйынтыгында ишкана 275,8 миң сомго зыян тарткан.

**1. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин жана Кыргыз Республикасынын Улуттук Банкынын 2022-жылдын 16-декабрындагы “Мамлекеттик жана муниципалдык

кызмат көрсөтүүлөр үчүн төлөмдөрдү накталай эмес формада кабыл алуу жөнүндө“ №680/66-6 токтомунун сунуштары толугу менен ишке киргизилбестен, 2023-жылы калкка көрсөтүлгөн кызматтар үчүн кассалык кириштөө ордеринин негизинде накталай түрдө 819,4 миң сом кабыл алынган. Ишкананын кассасына келип түшкөн каражаттардын 36,9 миң сому тейлөөчү банкка төгүлбөстөн, кассадан чарбалык жана өндүрүштүк керектөөлөргө жумшалган.

**Сунуштама:**

Мындан ары, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 16-декабрындагы “Мамлекеттик жана муниципалдык кызмат көрсөтүүлөр үчүн төлөмдөрдү накталай эмес формада кабыл алуу жөнүндө“ №680/66-6 токтомуна ылайык калкты накталай эмес төлөмдөрдүн ар кандай формаларын жана инструменттерин колдонуу менен кызмат көрсөтүүлөр үчүн үзгүлтүксүз төлөмдөрдү төлөө мүмкүнчүлүгү камсыз кылынсын. Ишкананын кассасына түшкөн накталай акча каражаттары тейлөөчү банктык эсепке тапшырылсын.

**2. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын Салык кодексинин 198-беренесинин 1-пунктун бузуу менен, 3 кызматкерге **1,8 миң сом** киреше салыгы эсептелип, бюджетке которулган эмес. Аудиттин жүрүшүндө 3 кызматкерден 1,8 миң сом киреше салыгы кармалып, Салык кызматынын Кемин райондук башкармалыгына которулган.

**Сунуштама:**

Аудиттин жүрүшүндө 3 кызматкерден 1,8 миң сом киреше салыгы кармалып Салык кызматынын Кемин райондук башкармалыгына которулгандыгы эске алынсын. Мындан ары, айлык акыларды эсептөөдө, чегерүүдө, жана салык төлөмдөрүн аткарууда, Кыргыз Республикасынын Салык кодексинин талаптары так сакталсын.

**3. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2020-жылдын 17-июлундагы № 385 токтому менен бекитилген “Мамлекеттик социалдык камсыздандыруу боюнча камсыздандыруу төгүмдөрүн эсептөөнүн жана төлөөнүн тартиби жөнүндө” Нускаманынбузуу менен, Иш берүүчү тарабынан 3 кызматкерге (тизмеси түзүлгөн) чегерилген эмгек акыдан, жалпы суммасы **3,5 миң сом** 17,25 % өлчөмүндө кызматкерлердин пайдасына чегерилген камсыздандыруу төгүмдөрү Социалдык бюджетке которулган эмес, ошондой эле, тизмедеги кызматкерлерден, жалпы суммасы **1,8 миң сом** 10% өлчөмүндө, камсыздандыруу төгүмдөрү кармалып, Социалдык фондго которулган эмес. Аудиттин жүрүшүндө 5,3 сом социалдык фондго төгүмдөр Салык кызматынын Кемин райондук башкармалыгына которулган.

**Сунуштама:**

Аудиттин жүрүшүндө 5,3 сом социалдык фондго төгүмдөр Салык кызматынын Кемин райондук башкармалыгына которулгандыгы эске алынсын. Мындан ары, айлык акыларды эсептөөдө, чегерүүдө, жана социалдык төлөмдөрүн аткарууда, Кыргыз Республикасынын “Мамлекеттик социалдык камсыздандыруу боюнча камсыздандыруу төгүмдөрүнүн тарифтери жөнүндө” Мыйзамынын талаптары так сакталсын.

**4. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

«Орловка Суу каналы» муниципалдык ишканасынынннын транспорт каражаттарына сарпталган күйүүчү майларды эсептен чыгарууда, айрым автотехникалардын жол баракчаларында спидометр иштен чыккандыгына байланыштуу, көрсөткүчтөрдүн саны чагылдырылган эмес.

**Сунуштама:**

Автотранспорт каражаттарынын спидометрлери жумушчу абалга келтирилсин. Мындан ары, күйүүчү майларды чыгыштоодо, Кыргыз Республикасынын Транспорт жана коммуникациялар министрлигинин 2015-жылдын 30-декабрындагы №366 буйругу менен бекитилген “Автомобиль транспортунда отунду жана майлоочу майларды чыгымдоонун линиялык ченемдерин колдонуу жана аларды эсептөө ыкмасынын Эрежелеринин” талаптары так сакталсын.

**5. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 10-июнундагы №301 токтому менен бекитилген “Мамлекеттик жана муниципалдык ишканалар, уставдык капиталдары катышуу үлүшүнүн 50 жана андан ашык пайызы мамлекетке таандык болгон чарбакер коомдору, анын ичинде алардын туунду чарбалык коомдору тарабынан сатып алууларды уюштуруунун жана ишке ашыруунун типтүү” Тартибинин 19.2-пунктун бузуу менен сатып алууларды жүргүзүүдө **6 650,2 миң сомго** материалдар, запастык тетиктер, жана кызмат көрсөтүүлөр, каражаттарды түз которуу жолу менен сатылып алынган.

**Сунуштама:**

Мындан ары, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 10-июнундагы №301 токтому менен бекиген “Мамлекеттик жана муниципалдык ишканалар, уставдык капиталдагы катышуу үлүшүнүн 50 жана ашык пайызы малекетке таандык болгон чарбакер коомдор, анын ичинде алардын туунду чарбалык коомдору тарабынан сатып алууларды уюштуруунун жана ишке ашыруунун” Типтүү тартибинин, ички сатып алуу тартибин иштеп чыгуу жана ТМБ сатып алуу боюнча талаптарынын аткарылуусу камсыздалсын.

Аудит жүргүзгөн мамлекеттик инспектор Исанов Т.

**Ак-Түз айыл өкмөтү**

2023-жылга бюджеттин кирешелер бөлүгү активдер жана милдеттенмелер менен кошулуп, план жалпы 4 918,4 миң сомго бекитилген, жыл ичинде такталган план 5 616,7 миң сом, аткарылышы 3 927,7 миң сомго камсыздалган, же план 70 % аткарылып, киреше 1 689,0 миң сомго пландан аз түшкөн.

Бюджеттин чыгаша бөлүгү 4 652,0 миң сомго бекитилген, жыл ичинде 23 160,3 миң сомго такталган, кассалык чыгымдар 19 236,3 миң сомду түзсө, накталай чыгымдар 18 091,9 миң сомду түзгөн.

1. **Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду**:

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 3-ноябрындагы №694 токтому менен бекитилген “Бюджеттик мекемелерди финансылоодо Жылдык отчеттор боюнча эсептөөлөрдө товардык-материалдык баалуулуктардын нормативден ашыкча запастарын жана каражаттар калдыктарын эсепке алууну жүргүзүүнүн тартиби жөнүндө” Нускаманы бузуу менен, жылдын аягына карата **120,3 миң сомго** көмүрдүн нормативден ашыкча запастары калган.

**Сунуштама:**

Мындан ары, товардык-материалдык баалуулуктардын нормативден ашыкча запастарынын болушуна жол берилбесин. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 3-ноябрындагы №694 токтому менен бекитилген “Бюджеттик мекемелерди финансылоодо жылдык отчеттор боюнча эсептөөлөрдө товардык-материалдык баалуулуктардын нормативден ашыкча запастарын жана каражатта калдыктарын эсепке алууну жүргүзүүнүн тартиби жөнүндө” Нускаманын талаптары так сакталсын.

Көмүр боюнча 120,3 миң сомго нормативден ашыкча запастары кийинки жылга каржылоодо эсепке алынсын.

**2. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду**:

«Ак-Түз айылынын парккынын аянтын тосуу жана жарыктандыруу иштери» объектиси боюнча подрядчы "Глобал электросервис" ЖЧКсы тарабынан аткарылган курулуш-куроо жана оңдоо иштерине жүргүзүлгөн аудитте **435,8 миң сомго** жумуштардын көлөмдөрү жогорулатылгандыгы аныкталган.

**Сунуштама:**

“Ак-Түз айылынын парккынын аянтын тосуу жана жарыктандыруу иштери” объектиси боюнча подрядчы "Глобал электросервис" ЖЧКсы тарабынан 435,8 миң сомго иштердин жогорулатылган көлөмүн бюджетке калыбына келтирүү боюнча чаралар көрүлсүн.

Аудит жүргүзгөн мамлекеттик инспекторлор Ашыралиев Н., Кубанычбеков Д.

**Алмалуу айыл өкмөтү**

2022-жылга бюджеттин киреше бөлүгү 9 321,6 миң сомго бекитилип, жыл ичинде 12954,4 миң сомго такталган, кирешенин түшүүсү 12 954,4 миң сомго камсыздалган, же план 110% аткарылган.

Бюджеттин чыгаша бөлүгү 12 854,8 миң сомго бекитилип, 12 150,4 миң сомго такталган, кассалык чыгымдар 12 101,9 миң сомго аткарылса, накталай чыгымдар 12 2010,0 миң сомго аткарылган.

**1. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 3-ноябрындагы № 694 токтому менен бекитилген “Бюджеттик мекемелерди финансылоодо Жылдык отчеттор боюнча эсептөөлөрдө товардык-материалдык баалуулуктардын нормативден ашыкча запастарын жана каражаттар калдыктарын эсепке алууну жүргүзүүнүн тартиби жөнүндө” Нускаманы бузуу менен, жылдын аягына карата **503,3 миң сомго** көмүрдүн нормативден ашыкча запастары калган.

**Сунуштама:**

Мындан ары, товардык-материалдык баалуулуктардын нормативден ашыкча запастарынын болушуна жол берилбесин. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 3-ноябрындагы №694 токтому менен бекитилген “Бюджеттик мекемелерди финансылоодо жылдык отчеттор боюнча эсептөөлөрдө товардык-материалдык баалуулуктардын нормативден ашыкча запастарын жана каражатта калдыктарын эсепке алууну жүргүзүүнүн тартиби жөнүндө” Нускаманын талаптары так сакталсын.

Көмүр боюнча 503,3 миң сомго нормативден ашыкча запастары кийинки жылга каржылоодо эсепке алынсын.

**2. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2007-жылдын 22-июнундагы №243 токтому менен жактырылган «Айыл чарба жерлеринин мамлекеттик фондунун жерлерин ижарага берүү шарттары жана тартиби тууралуу” Типтүү Жобосунун 80-пунктун бузуу менен, ижарачылар менен түзүлгөн келишимдер райондук мамлекеттик кыймылсыз мүлктөрдү каттоо кызматында каттодон өткөн эмес.

**Сунуштама:**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2007-жылдын 22-июнундагы №243 токтому менен жактырылган «Айыл чарба жерлеринин мамлекеттик фондунун жерлерин ижарага берүү шарттары жана тартиби тууралуу” Типтүү Жобосунун талаптарына ылайык АЧЖМФ жерлерин ижаралоо келишимдери кыймылсыз мүлккө укуктарды каттоо органдарында мамлекеттик каттоодон өткөрүлсүн.

Аудит жүргүзгөн мамлекеттик инспектордун м.а. Давлетбаев Б.

**Бороллой айыл өкмөтү**

2023-жылга бюджеттин киреше бөлүгү 9 880,3 миң сомго бекитилген, 12 201,4 миң сом суммасында такталган, кирешенин түшүүсү 12 842,5 миң сомго камсыздалган, же план 105,2% аткарылган.

Бюджеттин чыгаша бөлүгү 8 962,5 миң сомго бекитилип, 11 770,9 миң сомго такталган, кассалык чыгымдар 10 304,7 миң сомго аткарылса, накталай чыгымдар 9 100,2 миң сомду түзгөн.

**1.Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Жер казынасын пайдалануу укугуна лицензия үчүн төлөм (Кум-Дөбө ЖЧКсы) план боюнча 40,0 миң сомго такталган, иш жүзүндө – 2,0 миң сом түшкөн, план 5% га аткарылган, АЧЖМФ жерлерин пайдалануу үчүн ижара акысы боюнча план 753,0 миң сомго такталган, 589,9 миң сом аткарылган, же 78,3%, берилген маалыматтарга ылайык, АЧЖМФ жерлерин пайдалануу үчүн ижара акы боюнча 2023-жылдын 31 – декабрына карата карыз 1365,6 миң сомду түзгөн, башкача айтканда, жергиликтүү бюджеттин жоготуулары 1403,6 миң сомду түзгөн.

**Сунуштама**:

Бюджеттин киреше бөлүгүн түзүүдө, мурдагы жылдар үчүн жер казынасын пайдалануу укугуна лицензиялар үчүн карыздарды өндүрүү жана айыл чарба жерлеринин мамлекеттик фондунун жерлерин пайдалануу үчүн ижаралык карыздарды жоюу боюнча иш-чаралар жүргүзүлсүн, кирешелердин болгон булактарын толук эмес эсепке алуунун натыйжасында түшүүлөрдүн пландык көрсөткүчтөрүн төмөндөтүү практикасы токтотулсун.

**2. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын Эмгек кодексинин 125, 159, 167-беренелерин бузуу менен өргүү акы 18,0 миң сомго, ден соолукту чыңдоого жөлөкпул 35,5 миң сомго, бардыгы **53,5 миң сом** негизсиз эсептелген.

**Сунуштама:**

Мындан ары, Кыргыз Республикасынын Эмгек кодексинин талаптары так сакталсын.

**3. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2000-жылдын 14-мартындагы №135 токтому менен бекитилген «Коштоп иштегендердин эмгегин жөнгө салуунун өзгөчөлүктөрү жөнүндө» Жобонун 6-пунктун бузуу менен, 4 кызматкерге бош кызмат орундарын айкалыштырып иштегендиги үчүн кызматтык маянанын 70 % өлчөмүндө кошумча негизсиз **107,4 миң сом** төлөнгөн.

**Сунуштама:**

Мындан ары, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2000-жылдын 14-мартындагы №135 токтому менен бекитилген «Коштоп иштегендердин эмгегин жөнгө салуунун өзгөчөлүктөрү жөнүндө» Жобонун талаптары так сакталсын.

**4. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Мындан тышкары, Кыргыз Республикасынын "Мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат жөнүндө" Мыйзамынын 16-беренесин бузуу менен, бош кызмат орундарга кадрлар резервинде турбаган убактылуу аткаруучулар дайындалган жана аларга төлөнгөн эмгек акы **527,6 миң сом**, анын ичинде Социалдык фондго төгүмдөр 59,2 миң сомду түзгөн.

**Сунуштама:**

Мындан ары, бош кызмат орундарына кызматкерлерди кабыл алууда, Кыргыз Республикасынын "Мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат жөнүндө" Мыйзамынын 16-беренесинин 1-пунктунун талаптары так жетекчиликке алынсын.

**5. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

ВАЗ 21074 мамлекеттик номери 2173 автотранспорт каражаты Надежда Коккозевага **15,0 миң сомго** сатылып, бирок, акча каражат айыл өкмөтүнүн эсебине түшкөн эмес. Аудиттин жүрүшүндө 2024-жылдын 12-июлундагы квитанциясы менен 15,0 миң сом акча каражаты Кичи-Кемин айыл өкмөтүнүн эсебине түшүрүлгөн.

**Сунуштама:**

Аудиттин жүрүшүндө, 2024-жылдын 12-июлундагы квитанциясы менен 15,0 миң сом акча каражаты Кичи-Кемин айыл өкмөтүнүн эсебине түшкөндүгү эске алынсын. Мындан ары, Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигининин 2024-жылдын 22-январындагы №1-Б буйругу менен бекитилген "Мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсепти жана финансылык отчеттуулукту жүргүзүү боюнча" Жобонун талаптары так сакталсын.

**6. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 3-ноябрындагы №694 токтому менен бекитилген "Бюджеттик мекемелерди финансылоодо Жылдык отчеттор боюнча эсептөөлөрдө товардык-материалдык баалуулуктардын нормативден ашыкча запастарын жана каражаттар калдыктарын эсепке алууну жүргүзүүнүн тартиби жөнүндө" Нускаманын талаптарын бузуу менен, жылдын аягына карата **405,1 миң сомго** көмүрдүн нормативден ашыкча запастары калган.

**Сунуштама:**

Мындан ары, товардык-материалдык баалуулуктардын нормативден ашыкча запастарынын болушуна жол берилбесин. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 3-ноябрындагы №694 токтому менен бекитилген «Бюджеттик мекемелерди

финансылоодо жылдык отчеттор боюнча эсептөөлөрдө товардык-материалдык баалуулуктардын нормативден ашыкча запастарын жана каражатта калдыктарын эсепке алууну жүргүзүүнүн тартиби жөнүндө» Нускаманын талаптары так сакталсын.

Көмүр боюнча 405,1 миң сомго нормативден ашыкча запастары кийинки жылга каржылоодо эсепке алынсын.

**7. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

2023-жылдын 1-январына карата, бухгалтердик баланс боюнча тамак-аш азыктарынын калдыктары көрсөтүлгөн эмес, ошол эле учурда, 2023-жылдын 1-январына карата тамак-аш азыктарынын кыймылы жөнүндө материалдык отчетко ылайык, 2023-жылдын башына карата 19,1 миң сомго тамак-аш азыктарынын калдыгы бухгалтердик эсеп боюнча негизсиз эсептен чыгарылган.

Тамак-аш азыктарынын кыймылы жөнүндө материалдык отчеттун маалыматтары боюнча 2023-жылы 1316,7 миң сомго тамак-аш азыктары келип түшкөн, 1151,3 миң сомго тамак-аш азыктары эсептен чыгарылган, жылдын аягында 184,6 миң сомго тамак-аш азыктарынын калдыгы эсептелген. Бирок, бухгалтердик эсептин жана отчеттуулуктун маалыматтарына ылайык, “Запастар жөнүндө маалыматтар" Түшүндүрмө катынын 3-тиркемесинде, 2024-жылдын 1-январына карата бухгалтердик эсеп боюнча тамак-аш азыктарынын калдыгы жок.

Ошентип тамак-аш азыктарынын калдыгын эске алып, бухгалтердик баланс боюнча **203,7 миң сомго** тамак-аш азыктары бухгалтердик баланс боюнча негизсиз эсептен чыгарылган**.**

**Сунуштама:**

Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигининин 2024-жылдын 22-январындагы №1-Б буйругу менен бекитилген Мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсепти жана финансылык отчеттуулукту жүргүзүү боюнча Жобонун талаптарынын негизинде, 2023-жылдагы тамак-аш азыктарынын иш жүзүндөгү кыймылын бухгалтердик эсептин жана отчеттуулук боюнча калыбына келтирилсин.

**8. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Муниципалдык мүлктү башкаруу чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу муниципалдык орган менен макулдашуусуз муниципалдык мүлктү ижарага берүү келишимин түзүү укугуна конкурс өткөрүү тартиби жөнүндө Жобосунун 35,36-пункттарын бузуу менен, муниципалдык мүлктү башкаруу чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу муниципалдык орган менен макулдашуусуз, ижара акысынын минималдуу өлчөмүн эсептебестен, "Жантай Хан" Боролдой жол боюндагы комплекси менен техникалык паспортсуз, Д.Ж. Султанов жана С. А. Сейдахынова менен ижара келишимдери түзүлгөн.

**Сунуштама**:

Ижарачылардан карыздарды алуу боюнча иштиктүү иш-чаралар жүргүзүлсүн, Боролдой "Жантай Хан" жол боюндагы комплекс боюнча техникалык паспортун алуу тездетилсин, "Жантай Хан" Боролдой жол боюндагы комплекс боюнча ижара келишими муниципалдык мүлктү башкаруу чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу муниципалдык орган менен макулдашылсын.

Аудит жүргүзгөн мамлекеттик инспектор Атагельдинова Г.К.

**«Боролдой турак-жай коммуналдык чарбасы» муниципалдык ишканасы** (уюштуруучусу Боролдой айыл өкмөтү)

Ишкана тарабынан 2023-жыл үчүн Кирешелер жана чыгымдар жөнүндө отчет жана Бирдиктүү салык декларациясы түзүлгөн эмес. 2023-жылдын иш жүзүндө кирешеси 2 233,8 миң сомду түзгөн, чыгымдары 2 111,9 миң сомду түзгөн.

**1. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Ишкананын Уставынын 6.1, 6.2, 6.3-пункттарын бузуу менен, 2023-жылга киреше жана чыгаша сметалары бекитилген эмес.

Мындан тышкары, 2023 - жылы ишкана тарабынан бирдиктүү салык декларациясын 0,0 көрсөткүчтөр менен тапшырылган, ошондой эле, кирешелер жана чыгымдар жөнүндө

жылдык отчет түзүлгөн эмес, ал эми 2023-жылы киреше 2233,8 миң сомду түзгөн, чыгашалар 2111,9 миң сомго жүргүзүлгөн, 2023-жылы 121,9 миң сомго пайда алынган, пайдага салык **12,2 миң сомду** түзүп, тиешелүү бюджетке которулган эмес.

**Сунуштама:**

Уставдын талаптары так сакталсын, кийинки финансылык жылга кирешелердин жана чыгашалардын сметасы макулдашылсын жана бекитилсин, 2023-жылга такталган декларация тапшырылып, 12,2 миң сомго пайдадан салыгы тиешелүү бюджетке которулсун.

**2. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Боролдой айыл өкмөтү тарабынан ишкананын электр энергиясын төлөөгө 588,4 миң сом акча каражаты бөлүнгөн. Бул каражаттардан **134,8 миң сом** максатсыз пайдаланылып, ишкананын кызматкерлеринин эмгек акысын төлөөгө колдонулган.

**Сунуштама:**

Мындан ары, айыл өкмөтү тарабынан бөлүнгөн каражаттар максаттуу багыты боюнча пайдаланылсын.

**3. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 10-июнундагы №301 токтому менен бектилген “Мамлекеттик жана муниципалдык ишканалар, уставдык капиталдагы катышуу үлүшүнүн 50 жана андан ашык пайызы мамлекетке таандык болгон чарбакер коомдор, анын ичинде алардын туунду чарбалык коомдору тарабынан сатып алууларды уюштуруунун жана ишке ашыруунун” Типтүү тартипти бузуу менен, **190,9 миң сомго** запастык бөлүктөр жана башка товарлар накталай акча каражаттарга сатылып алынган.

**Сунуштама:**

Мындан ары, товардык материалдык баалуулуктарды жана кызматтарды сатып алуулар, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 10-июнундагы №301 токтому менен бекитилген «Мамлекеттик жана муниципалдык ишканалар, уставдык капиталдагы катышуу үлүшүнүн 50 жана андан ашык пайызы мамлекетке таандык болгон чарбакер коомдор, анын ичинде алардын туунду чарбалык коомдору тарабынан сатып алууларды уюштуруунун жана ишке ашыруунун» Типтүү тартибинин талаптарына ылайык жүргүзүлсүн.

Аудит жүргүзгөн мамлекеттик инспектор Атагельдинова Г.К.

**Жаңы-Алыш айыл өкмөтү**

2023-жылга бюджеттин кирешелер бөлүгү активдер, милдеттемелер менен такталган план 6 809,6 миң сомго бекитилген, кирешенин түшүүсү 6 809,6 миң сомго камсыздалып, план 129,0% аткарылган.

Бюджеттин чыгаша бөлүгү 14 033,82 миң сомго такталып бекитилген, кассалык чыгымдар 12 706,3 миң сомду аткарылса, накталай чыгымдар 14 090,4 миң сомду түзгөн.

**1. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

АЧЖМФ жерлеринин ижарачылар менен түзүлгөн келишимдер боюнча ижара акысынын суммасы 418,8 миң сомду түзгөн, 2023-жылдын 1-январына карата ижарачылардын карызы 179,2 мин сом, ал эми 2023-жылдагы АЧЖМФ жерлерин ижарага берүүдөн түшкөн киреше такталган план боюнча 403,6 миң сомду түзгөн, жалпы план орто эсеп менен 194,4 миң сомго негизсиз төмөндөтүлгөн, жана бюджеттин жоготуулары болуп эсептелет;

Айыл өкмөтүнүн карамагындагы жерлеринин ижарачылар менен түзүлгөн келишимдер боюнча ижара акысынын суммасы 335,3 миң сомду түзгөн, 2023-жылдын 1-январына карата ижарачылардын карызы 85,1 мин сом, ал эми 2023-жылдагы киреше такталган план боюнча 183,4 миң сомду түзгөн, жалпы план орто эсеп менен 237,0 миң сомго негизсиз төмөндөтүлгөн, жана бюджеттин жоготуулары болуп эсептелет;

Жогоруда келтирилген булактар боюнча бюджеттин киреше бөлүгү негизсиз **431,4 миң сомго** төмөндөтүлгөн.

**Сунуштама:**

Ижаралоо боюнча кирешелердин финансылык жылга план-болжолу ижара боюнча түзүлгөн келишимдердин жалпы суммасын, ошондой эле, өткөн жылдын аягына карата ижарачылардын дебитордук карыздарынын калдыгын эске алуу менен түзүлсүн.

**2. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

2020-жылдын 27-октябрындагы Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигине караштуу Бюджеттик кредиттерди башкаруу боюнча мамлекеттик агенттик, «Изатбек" суу пайдалануучулар ассоциациясы жана Жаңы-Алыш айыл өкмөтүнүн ортосундагы үч тараптуу тынчтык макулдашуунун негизинде, жергиликтүү бюджеттен Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигине караштуу Бюджеттик кредиттерди башкаруу боюнча мамлекеттик агенттикке "Изатбек" суу пайдалануучулар ассоциациясы ирригациялык каналдарды реабилитациялоого алган кредиттер боюнча кепилдик милдеттенме үчүн 309,0 миң сом которулган. Жергиликтүү бюджеттин жоготуулары **309,0 миң сомду** түзгөн.

**Сунуштама:**

Бюджеттин жоготууларынын ордун толтуруу максатында, "Изатбек" суу пайдалануучулар ассоциациясынан регресстик тартипте алуу боюнча тиешелүү чаралар көрүлсүн.

**3. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

2023-жылдын 1-январына АЧЖМФ жерлеринин ижарачыларынын карызы 186,5 миң сомду түзгөн, 2023-жылдын 1-январына карата ижара келишимдердин суммасы 418,7 миң сомду түзгөн, ошону менен бирге жыл ичинде 460,5 миң сом ижара акысы өндүрүлүп, 2024-жылдын 1-январына өндүрүлбөй калган ижара акысы 144,7 миң сомду түзгөн.

Айыл өкмөттүн калктуу конуштардагы жерлердин ижара акысынан 2023-жылдын 31-декабрына карата ижарачылардын карызы 34,4 миң сомду түзгөн.

Айыл өкмөтүнө караштуу жерлердин ижара акысынын 2023-жылдын 31-декабрына карата ижарачылардын карызы 69,2 миң сомду түзгөн.

**Сунуштама:**

АЧЖМФ, калктуу конуштардагы жер жана айыл өкмөтүнө караштуу жерлеринин ижара акысын, анын ичинде айыптык санкциялар боюнча карыздарды өндүрүү боюнча иштиктүү иш-чаралар жүргүзүлсүн.

Аудит жүргүзгөн мамлекеттик инспектор Рысалиев А.

**Ильич айыл өкмөтү**

2023-жылга бюджеттин киреше бөлүгү 7 519,3 миң сомго бекитилген, жыл ичинде 12 203,9 миң сом суммасында такталган, кирешенин түшүүсү 13 655,3 миң сомго камсыздалып, киреше боюнча план 112,0% аткарылган.

Бюджеттин чыгаша бөлүгү 7 519,3 миң сомго бекитилип, 12 832,2 миң сомго такталган, кассалык чыгымдар 13 928,6 миң сомго аткарылса, накталай чыгымдар 10 655,0 миң сомду түзгөн.

**1. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

АЧЖМФ жерлеринин ижарачылар менен түзүлгөн келишимдер боюнча ижара акысынын суммасы 369,7 миң сомду түзгөн, 2023-жылдын 1-январына карата ижарачылардын карызы 1 230,8 мин сом, ал эми 2023-жылдагы АЧЖМФ жерлерин ижарага берүүдөн түшкөн киреше такталган план боюнча 369,2 миң сомду түзгөн, жалпы план орто эсеп менен **1 231,3 миң сомго** негизсиз төмөндөтүлгөн, жана бюджеттин жоготуулары болуп эсептелет.

Айыл чарба жерлерине тиешелүү жерлерге мүлк салыгынын карызы 2023-жылдын 1-январына карата 88,0 миң сомду түзгөнүнө карабастан, 2023-жылга айыл чарба жерлерин пайдалануу үчүн жер салыгынын киреше планы такталган эмес, же киреше бөлүгү **88,0 миң сомго** планга коюлган эмес. 2023-жыл ичинде карыздын 1,2 миң сому өндүрүлгөн.

**Сунуштама:**

Ижаралоо боюнча кирешелердин финансылык жылга план-болжолун ижара боюнча түзүлгөн келишимдердин жалпы суммасын, ошондой эле, өткөн жылдын аягына карата

**1. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

АЧЖМФ жерлеринин ижарачылар менен түзүлгөн келишимдер боюнча ижара акысынын суммасы 101,2 миң сомду түзгөн, 2023-жылдын 1-январына карата ижарачылардын карызы 110,7 мин сом, ал эми 2023-жылдагы АЧЖМФ жерлерин ижарага берүүдөн түшкөн киреше такталган план боюнча 101,2 миң сомду түзгөн, жалпы план орто эсеп менен **110,7 миң сомго** негизсиз төмөндөтүлгөн, жана бюджеттин жоготуулары болуп эсептелет;

**Сунуштама:**

Ижаралоо боюнча кирешелердин финансылык жылга план-болжолун ижара боюнча түзүлгөн келишимдердин жалпы суммасын, ошондой эле, өткөн жылдын аягына карата ижарачылардын дебитордук карыздарынын жана калдыгын эске алуу менен түзүлсүн.

**2. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 3-ноябрындагы № 694 токтому менен бекитилген "Бюджеттик мекемелерди финансылоодо Жылдык отчеттор боюнча эсептөөлөрдө товардык-материалдык баалуулуктардын нормативден ашыкча запастарын жана каражаттар калдыктарын эсепке алууну жүргүзүүнүн тартиби жөнүндө" Нускаманы бузуу менен, жылдын аягына карата **69,0 миң сомго** көмүрдүн нормативден ашыкча запастары калган.

**Сунуштама:**

Мындан ары, товардык-материалдык баалуулуктардын нормативден ашыкча запастарынын болушуна жол берилбесин. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 3-ноябрындагы №694 токтому менен бекитилген "Бюджеттик мекемелерди финансылоодо жылдык отчеттор боюнча эсептөөлөрдө товардык-материалдык баалуулуктардын нормативден ашыкча запастарын жана каражатта калдыктарын эсепке алууну жүргүзүүнүн тартиби жөнүндө" Нускаманын талаптары так сакталсын.

Көмүр боюнча 69,0 миң сомго нормативден ашыкча запастары кийинки жылга каржылоодо эсепке алынсын.

Аудит жүргүзгөн мамлекеттик инспектор Карабаев Ж.

**Кичи-Кемин айыл өкмөтү**

2023-жылга бюджеттин киреше бөлүгү, анын ичинде активдер, милдеттенмелер жана трансферттер 8 318,7 миң сомго бекитилген, жыл ичинде план 10 048,1 миң сомго такталган. Кирешенин түшүүсү 10 511,2 миң сомго камсыздалып, план 105% аткарылган, же пландан ашык 463,1 миң сом түшкөн.

Бюджеттин чыгаша бөлүгү 7 548,7 миң сомго бекитилген, жыл ичинде сметаларды өзгөртүү менен такталган план 11 227,9 миң сомго божомолдонгон, кассалык чыгымдар 10930,9 миң сомго аткарылса, накталай чыгымдар 9 796,6 миң сомду түзгөн.

**1. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 115-беренесинин 4-бөлүгүнүн талаптарын бузуу менен, 2023–жылга карата айыл өкмөттүн кирешелер жана чыгашалар смета бөлүктөрүн бекитүү жөнүндөгү айылдык Кеңештин 2023-жылдын 25-январындагы №28/1-1 токтомуна жыл ичинде өзгөртүүлөр 4 жолу киргизилген.

**Сунуштама:**

Мындан ары, бюджетти бекитүүдө, өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүүдө жана анын аткарылышы жөнүндө отчетту бекитүүдө, Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 115-беренесиндеги белгиленген тиешелүү мөөнөттөр так сакталсын.

**2. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 3-ноябрындагы № 694 токтому менен бекитилген "Бюджеттик мекемелерди финансылоодо Жылдык отчеттор боюнча эсептөөлөрдө товардык-материалдык баалуулуктардын нормативден ашыкча запастарын жана каражаттар калдыктарын эсепке алууну жүргүзүүнүн тартиби жөнүндө" Нускаманы бузуу менен, жылдын аягына карата **133,2 миң сомго** көмүрдүн нормативден ашыкча запастары калган.

**Сунуштама:**

Мындан ары, товардык-материалдык баалуулуктардын нормативден ашыкча запастарынын болушуна жол берилбесин. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 3-ноябрындагы №694 токтому менен бекитилген “Бюджеттик мекемелерди финансылоодо жылдык отчеттор боюнча эсептөөлөрдө товардык-материалдык баалуулуктардын нормативден ашыкча запастарын жана каражатта калдыктарын эсепке алууну жүргүзүүнүн тартиби жөнүндө” Нускаманын талаптары так сакталсын.

Көмүр боюнча 133,2 миң сомго нормативден ашыкча запастары кийинки жылга каржылоодо эсепке алынсын.

**3. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

2023-жылдын 1-январына карата АЧЖМФ жерлеринин ижара акысынын өндүрүлбөй калган суммасы 128,1 миң сомду түзгөн. 2023-жыл ичинде 88,5 миң сом ижара акыларынын түшүүсү камсыздалып, 2024-жылдын 1-январына карата ижара акыныларынын карыздарынын суммасы 159,0 мин сомго чейин өскөн, башкача айтканда, жыл башына салыштырмалуу 30,9 мин сомго көбөйгөн.

**Сунуштама:**

АЧЖМФ, калктуу конуштардагы жер жана айыл өкмөтүнө караштуу жерлеринин ижара акысын, анын ичинде айыптык санкциялар боюнча карыздарды өндүрүү боюнча иштиктүү чаралар жүргүзүлсүн.

**4. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

“Кичи-Кемин айылынын орто мектебинин жылытуу системасын оңдоо иштери” объектиси боюнча подрядчы "БИОН Строй" ЖЧКсы тарабынан аткарылган курулуш-куроо жана оңдоо иштерине жүргүзүлгөн аудитте, **47,6 миң сомго** жумуштарынын көлөмдөрү жогорулатылгандыгы аныкталган.

**Сунуштама:**

Кичи-Кемин айылынын орто мектебинин жылытуу системасын оңдоо иштери» подрядчы "БИОН Строй" ЖЧКсы тарабынан 47,6 миң сомго иштердин жогорулатылган көлөмүн бюджетке калыбына келтирүү боюнча чаралар көрүлсүн.

Аудит жүргүзгөн мамлекеттик инспекторлор Калчаев У., Кубанычбеков Д.

**Көк-Ойрок айыл өкмөтү**

2023-жылга карата айыл өкмөттүн кирешелер бөлүгү активдер, милдеттенмелер жана трансферттер менен кошулуп жалпы план 3 755,1 миң сомго бекитилген, такталган план 8 486,7 мин сомго белгиленсе, чыныгы киреше 8 765,6 миң сомду түзүп, план 103,0% аткарылган, же 278,9 миң сомго пландан ашыкча киреше түшкөн.

Бюджеттин чыгаша бөлүгү 3 755,1 миң сомго бекитилген, жыл ичинде 14 597,4 миң сомго такталган, кассалык чыгымдар 12 436,6 миң сомду түзгөн, иш жүзүндөгү чыгымдар 12 250,4 миң сомго аткарылган.

**1. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

2023-жылга электр энергиясын пайдаланууга 575,0 мин кВт/саат ченем бекитилген, иш жүзүндөгү чыгымдар 723,4 миң кВт/саат электр энергиясы колдонулуп 2 777,1 миң сомду түзгөн, же ченемден ашыкча 148,4 мин кВт/саат, **587,1 миң сом** чыгымдалган.

**Сунуштама:**

Мындан ары, бюджеттик каражаттарды рационалдуу жана эффективдүү пайдалануу максатында электр энергиясына бекитилген ченемдер так сакталсын.

Аудит жүргүзгөн мамлекеттик инспектор Мамытов Н.

**Кызыл-Октябрь айыл өкмөтү**

2023-жылга жергиликтүү бюджеттин киреше бөлүгү 94 956,5 миң сомго бекитилип, жыл ичинде 99 515,8 миң сомго такталган, кирешелердин түшүүсү 107 077,9 миң сомго камсыздалган, ошону менен план 108% аткарылып, кирешелер такталган пландан 7 562,1 миң сомго көп түшкөн.

Бюджеттин чыгаша бөлүгү 94 956,5 миң сом суммасында бекитилип, 107 652,5 миң сомго такталган, кассалык чыгымдар 94 950,8 миң сомго аткарылса, накталай чыгымдар 45 135,9 миң сомду түзгөн.

**1. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

2023-жылдын ичинде, Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 115-беренесинин 4-пунктун бузуу менен, Кызыл-Октябрь айылдык кеңешинин токтомдору менен бюджеттин киреше жана чыгаша бөлүктөрүнө 7 жолу 4 129,1 миң сомго өзгөртүүлөр киргизилген.

**Сунуштама:**

Мындан ары, бюджетти бекитүүдө, өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүүдө, Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 115-беренесинде белгиленген тиешелүү мөөнөттөр сакталсын.

**2. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

- 2023-жылын 1-январына карата калктуу конуштардын жерлерине жана айыл чарба багытында болбогон жерлерге мүлк салыгынын эсептелген суммасы 3 019,3 миң сомду, 2023-жылдын 1-январына өндүрүлбөй калган салыктын суммасы 306,3 миң сомду түзгөн, ал эми 2023-жылга киреше планы 3 269,0 миң сомго такталган, же бюджеттин киреше бөлүгүнүн болжолдуу планы негизсиз 56,6 миң сомго төмөндөтүлгөн, жана бюджеттик жоготуулар болуп эсептелет.

- 2023-жылын 1-январына карата калктуу конуштардын жерлеринин түзүлгөн келишимдердин негизинде ижара акысынын суммасы 3 425,5 миң сомду, 2023-жылдын 1-январына өндүрүлбөй ижара акысы 198,5 миң сомду түзгөн, ал эми 2023-жылга киреше планы 3 147,8 миң сомго такталган, же бюджеттин киреше бөлүгүнүн болжолдуу планы негизсиз 476,2 миң сомго төмөндөтүлгөн, жана бюджеттик жоготуулар болуп эсептелет.

- 2023-жылын 1-январына карата жайыт жерлерди пайдалануу үчүн жыйымдын суммасы 557,0 миң сомду түзгөн, ошону менен бирге, 2023-жылга жайыт жерлерди пайдалануу үчүн жыйымдан түшө турган киреше планы 354,0 миң сомго такталган, же болбосо бюджеттин киреше бөлүгүнүн болжолдуу планы негизсиз 203,0 миң сомго төмөндөтүлгөн, жана бюджеттик жоготуулар болуп эсептелет.

- 2023-жылын 1-январына карата АЧЖМФнун жерлеринин түзүлгөн келишимдердин негизинде ижара акысынын суммасы 1 317,1 миң сомду түзгөн, 2023-жылдын 1-январына өндүрүлбөй ижара акысы 1 767,1 миң сомду түзгөн, ал эми 2023-жылга киреше планы 1 358,7 миң сомго такталган, же болбосо бюджеттин киреше бөлүгүнүн болжолдуу планы негизсиз 1 725,5 миң сомго төмөндөтүлгөн, жана бюджеттик жоготуулар болуп эсептелет.

2023-жылга карата бюджеттин киреше бөлүгүнүн жогоруда келтирилген булактары боюнча план негизсиз **2 461,3 миң со**мго төмөндөтүлгөн.

**Сунуштама:**

Айыл өкмөтүнүн жерлерин ижаралоо боюнча жана мүлк салыгы боюнча кирешелердин финансылык жылга план-болжолун ижара боюнча түзүлгөн келишимдердин жалпы суммасын, ошондой эле, өткөн жылдын аягына карата ижарачылардын дебитордук карыздарынын калдыгын эске алуу менен түзүлсүн.

**3. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын “Мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат жөнүндө” Мыйзамынын 15-беренесинин 2-пунктун бузуу менен, Кызыл-Октябрь айыл өкмөтүнүнүн каржы-экономикалык бөлүмүнүн башчысы Г.Ж.Мадиева “Кызыл-Октябрь машина-трактордук станция” муниципалдык ишканасынын директорунун 2021-жылдын 1-майында №1 буйругунун негизинде, аталган муниципалдык ишканада бухгалтер болуп иштеп, 2023-жылдын январь айында **11,7 миң сом** эмгек акы чегерилген, анын ичинен Социалдык фондго төлөмдөр 1,7 миң сомду түзгөн.

**Сунуштама:**

Мындан ары, кызматкерлерди жумушка алууда, Кыргыз Республикасынын "Мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат жөнүндө" Мыйзамынын талаптары так жетекчиликке алынсын.

**4. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

2023-жыл ичинде калктуу конуштардын жерлеринин ижарачыларынан 2 879,2 миң сом ижара акы түшкөн. 2024-жылдын 1-январына карата калктуу конуштардын жерлерине жана айыл чарба багытындагы эмес жерлерге мүлк салыгынын өндүрүлбөй калган суммасы 636,3 мин сомду түзүп, жылдын башына салыштырмалуу 330,0 мин сомго көбөйгөн.

2023-жыл ичинде АЧЖМФ жерлерин ижарачыларынан 2 057,0 миң сом ижара акылары түшкөн. 2024-жылдын 1-январына карата АЧЖМФ жерлеринин ижара акысынын өндүрүлбөй калган суммасы 1 027,1 миң сомду түзүп, жылдын башына салыштырмалуу 740,0 мин сомго азайган. Белгилей кетчү нерсе, ижара акыны 2020-жылдан бери өндүрүлбөгөн ижара акылар бар, тактап айтканда 2020-жылдын 24-февралында Р.Ж.Дүйшөнбаев менен айыл чарбасына жарактуу жерлердин мамлекеттик фондунун 65,0 га кайрак жерине конкурс аркылуу 65,0 миң сомго ижара келишими түзүлгөн, бирок бүгүнкү күнгө ижара акысынын өндүрүлбөй калган суммасы 260,0 миң сомду түзөт.

**Сунуштама:**

АЧЖМФ, калктуу конуштардагы жана айыл өкмөтүнө караштуу жерлеринин ижара акысын, анын ичинде айыптык санкциялар боюнча карыздарды өндүрүү боюнча иштиктүү чаралар жүргүзүлсүн.

5. **Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 3-ноябрындагы № 694 токтому менен бекитилген “Бюджеттик мекемелерди финансылоодо Жылдык отчеттор боюнча эсептөөлөрдө товардык-материалдык баалуулуктардын нормативден ашыкча запастарын жана каражаттар калдыктарын эсепке алууну жүргүзүүнүн тартиби жөнүндө” Нускаманы бузуу менен, кийинки жылдагы каржылоодо эсепке алынууга тийиш **81,7 миң сомго** дебитордук карыздардын калдыгы эсепте калган.

**Сунуштама:**

Мындан ары, товардык-материалдык баалуулуктардын жана эсепке алынуучу дебитордук карыздардын нормативден ашыкча запастарынын болушуна жол берилбесин. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 3-ноябрындагы №694 токтому менен бекитилген “Бюджеттик мекемелерди финансылоодо жылдык отчеттор боюнча эсептөөлөрдө товардык-материалдык баалуулуктардын нормативден ашыкча запастарын жана каражатта калдыктарын эсепке алууну жүргүзүүнүн тартиби жөнүндө” Нускаманын талаптары так сакталсын.

Дебитордук карыздар боюнча 81,7 миң сомго нормативден ашыкча запастары кийинки жылга каржылоодо эсепке алынсын.

**6. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

«Кызыл-Октябрь айылындагы спорткомплекс курулушу» подрядчы "АКААНА" ЖЧКсы тарабынан аткарылган курулуш-куроо жана оңдоо иштерине жүргүзүлгөн аудитте **6230,5 миң сомго** жумуштардын көлөмдөрү жогоруталгандыгы аныкталган.

**Сунуштама:**

Кызыл-Октябрь айылында спорткомплекстин курулушу» объектиси боюнча подрядчы "АКААНА" ЖЧКсы тарабынан 6230,5 миң сомго иштердин жогорулатылган көлөмүн бюджетке калыбына келтирүү боюнча чаралар көрүлсүн.

**7. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

«Кызыл-Октябрь айыл өкмөтүнүн имаратынын курулушу” объектиси боюнча подрядчы "АКААНА" ЖЧКсы тарабынан аткарылган курулуш-куроо жана оңдоо иштерине жүргүзүлгөн аудитте **2069,9 миң сомго** жумуштардын көлөмдөрү жогоруталгандыгы аныкталган.

**Сунуштама:**

Кызыл-Октябрь айыл өкмөт имаратын курулушу подрядчы "АКААНА" ЖЧКсы тарабынан 2069,9 миң сомго иштердин жогорулатылган көлөмүн бюджетке калыбына келтирүү боюнча чаралар көрүлсүн.

**8. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

«Кашкелен айылынын Бала бакчасына 4 чатыры менен аянтча жана оюн аянча орнотуу иштери" объектиси боюнча подрядчы "Бай-Суу СК" ЖЧКсы тарабынан аткарылган курулуш-куроо жана оңдоо иштерине жүргүзүлгөн аудитте **68,0 миң сомго** жумуштарынын көлөмдөрү жогорулатылгандыгы аныкталган.

**Сунуштама:**

Кашкелен айылынын Бала бакчасына 4 чатыры менен аянтча жана оюн аянча орнотуу иштери" объектиси боюнча подрядчы "Бай-Суу СК" ЖЧКсы тарабынан 68,0 миң сомго иштердин жогорулатылган көлөмүн бюджетке калыбына келтирүү боюнча чаралар көрүлсүн.

Аудит жүргүзгөн мамлекеттик инспекторлор Нуранов М., Д. Кубанычбеков.

**"Кызыл-Октябрь "Машина-трактордук станциясы" муниципалдык ишканасы** (уюштуруучусу Кызыл-Октябрь айыл өкмөтү)

2023-жылдын жыйынтык балансынын жана түшкөн пайда жана зыян жөнүндөгү отчетунун көрсөткүчтөрү боюнча, операциялык ишмердүүлүктүн негизги кирешеси 3 546,5 миң сомду түзгөн, ал эми операциялык ишмердүүлүктүн дүң төлөөлөрүнүн жыйынтыгы 3 618,9 миң сом болуп, 2023-жылдын жыйынтыгы менен Ишкана 72,4 миң сомго зыян көрсөтүлгөн.

1. **Критерийлерди бузуу корутундусу:**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 16-декабрындагы "Мамлекеттик жана муниципалдык кызмат көрсөтүүлөр үчүн төлөмдөрдү накталай эмес формада кабыл алуу жөнүндө" №680/66-6 токтомунун 1-пунктун бузуу менен, 2023-жылы калкка көрсөтүлгөн кызматтар үчүн кассалык кириштөө ордеринин негизинде накталай түрдө 3 406,9 миң сом кабыл алынган.

Ишкананын кассасына келип түшкөн каражаттардын 383,0 миң сому тейлөөчү банкка төгүлбөстөн, кассадан чарбалык жана өндүрүштүк керектөөлөргө жумшалган.

**Сунуштама:**

Мындан ары, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 16-декабрындагы "Мамлекеттик жана муниципалдык кызмат көрсөтүүлөр үчүн төлөмдөрдү накталай эмес формада кабыл алуу жөнүндө" №680/66-6 токтомуна ылайык калкты накталай эмес төлөмдөрдүн ар кандай формаларын жана инструменттерин колдонуу менен кызмат көрсөтүүлөр үчүн үзгүлтүксүз төлөмдөрдү төлөө мүмкүнчүлүгү камсыз кылынсын. Ишкананын кассасына түшкөн накталай акча каражаттары тейлөөчү банктык эсебине тапшырылсын.

2. **Критерийлерди бузуу кортундусу:**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 10-июнундагы №301 токтому менен бекитилген "Мамлекеттик жана муниципалдык ишканалар, уставдык капиталдары катышуу үлүшүнүн 50 жана андан ашык пайызы мамлекетке таандык болгон чарбакер коомдору, анын ичинде алардын туунду чарбалык коомдору тарабынан сатып алууларды уюштуруунун жана ишке ашыруунун типтүү" Тартибинин бузуу менен **736,2 миң сомго** материалдарды, запастык тетиктерди жана кызмат көрсөтүүлөрдү сатып алган.

**Сунуштама:**

Мындан ары, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 10-июнундагы №301 токтому менен бекиген "Мамлекеттик жана муниципалдык ишканалар, уставдык капиталдагы катышуу үлүшүнүн 50 жана ашык пайызы малекетке таандык болгон чарбакер коомдор, анын ичинде алардын туунду чарбалык коомдору тарабынан сатып алууларды уюштуруунун жана ишке ашыруунун" Типтүү тартибинин, ички сатып алуу тартибин иштелип чыгуу боюнча, жана ТМБ сатып алуу боюнча талаптары аткарылуусу камсыздалсын.

Аудит жүргүзгөн мамлекеттик инспектор Нуранов М.

**"Кызыл-Октябрь турак-жай коммуналдык чарбасы" муниципалдык ишканасы** (уюштуруучусу Кызыл-Октябрь айыл өкмөтү)

2023-жылы операциялык ишмердүүлүктүн негизги кирешеси 6 483,9 миң сомду түзгөн, ал эми операциялык ишмердүүлүктүн дүң төлөөлөрүнүн жыйынтыгы 6 550,4 миң сом болуп, 2023-жылдын жыйынтыгы менен Ишкана 66,5 миң сомго зыян тарктан.

**1. Критерийлерди бузуу корутундусу:**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 16-декабрындагы “Мамлекеттик жана муниципалдык кызмат көрсөтүүлөр үчүн төлөмдөрдү накталай эмес формада кабыл алуу жөнүндө“ №680/66-6 токтомунун 1-пунктун бузуу менен, 2023-жылы калкка көрсөтүлгөн кызматтар үчүн кассалык кириштөө ордеринин негизинде накталай түрдө 158,5 миң сом кабыл алынган.

Ишкананын кассасына келип түшкөн каражаттардын 158,5 миң сому тейлөөчү банкка төгүлбөстөн, кассадан чарбалык жана өндүрүштүк керектөөлөргө жумшалган.

**Сунуштама:**

Мындан ары, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 16-декабрындагы “Мамлекеттик жана муниципалдык кызмат көрсөтүүлөр үчүн төлөмдөрдү накталай эмес формада кабыл алуу жөнүндө“ №680/66-6 токтомуна ылайык калкты накталай эмес төлөмдөрдүн ар кандай формаларын жана инструменттерин колдонуу менен кызмат көрсөтүүлөр үчүн үзгүлтүксүз төлөмдөрдү төлөө мүмкүнчүлүгүн камсыз кылсын. Ишкананын кассасына түшкөн накталай акча каражаттары тейлөөчү банктын эсеп счетуна тапшырылсын.

**2. Критерийлерди бузуу корутундусу:**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2010-жылдын 7-октябрындагы №231 “Кыргыз Республикасында ишкердик субъекттери, коммерциялык эмес уюмдар тарабынан бухгалтердик эсептин жана каржылык отчеттуулуктун жүргүзүлүшү маселелери жөнүндөгү” токтомун бузуу менен, 2023-жылы Ишкананын кызматкерлерине **59,5 миң сомго** ашыкча төлөнгөн айлык акылары боюнча дебитордук карызы, 2023-жылдын 31-декабрына карата дебитордук карыз катары бухгалтердик эсепте чагылдырылган эмес, же жашырылган.

Аудит учурунда Ишкананын башкы бухгалтери тарабынан 52,2 миң сомго бухгалтердик жүгүртүү аткарылып, 2024-жылдын башына карата 52,2 миң сом баланстык отчетко кызматкерлердин айлык акы боюнча дебитордук карызы катары калыбына келтирилген, ал эми 7,3 миң сом ишкананын кассасына накталай төлөө жолу менен ордуна коюлган.

**Сунуштама:**

Аудит учурунда 59,5 миң сом ордуна коюлгандыгы эске алынсын. Мындан ары, айлык акыларды эсептеп, төлөөдө Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2010-жылдын 7-октябрындагы №231 “Кыргыз Республикасында ишкердик субъекттери, коммерциялык эмес уюмдар тарабынан бухгалтердик эсептин жана каржылык отчеттуулуктун жүргүзүлүшү маселелери жөнүндөгү” токтомунун талаптары так сакталсын.

**3. Критерийлерди бузуу корутундусу:**

Кыргыз Республикасынын Салык кодексинин 185-беренесин бузуу менен, кызматкерден (тизмеси түзүлгөн) **30,0 миң** сом киреше салыгы эсептелип, бюджетке которулган эмес. Аудит учурунда Кыргыз Республикасынын Салык кызматынын Кемин району боюнча башкармалыгына STI-161 формасындагы отчетуна такталган отчет берилип, 30,0 миң сом киреше салыгы ордуна коюлган.

**Сунуштама:**

Кыргыз Республикасынын Салык кызматынын Кемин району боюнча башкармалыгына STI-161 формасындагы отчетуна такталган отчет берилип, 30,0 миң сом киреше салыгы ордуна коюлгандыгы эске алынсын. Мындан ары, салыктарды эсептептөөдө, Кыргыз Республикасынын Салык кодексинин талаптары так сакталсын.

**4. Критерийлерди бузуу корутундусу:**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2020-жылдын 17-июлундагы № 385 токтому менен бекитилген “Мамлекеттик социалдык камсыздандыруу боюнча камсыздандыруу төгүмдөрүн эсептөөнүн жана төлөөнүн тартиби жөнүндө” Нускаманын талаптарын бузуу

менен, кызматкерлерге (тизмеси түзүлгөн) чегерилген айлык акыдан, жалпы суммасы **92,1 миң сом** камсыздандыруу төгүмдөрү кармалып, Социалдык фондко которулган эмес. Аудит учурунда Кыргыз Республикасынын Салык кызматынын Кемин району боюнча башкармалыгына STI-161 формасындагы отчетуна такталган отчет берилип, 92,1 миң сом камсыздандыруу ордуна коюлган.

**Сунуштама:**

Кемин району боюнча башкармалыгына STI-161 формасындагы отчетуна такталган отчет берилип, 92,1 миң сом камсыздандыруу төгүмдөрү ордуна коюлгандыгы эске алынсын. Мындан ары, камсыздандыруу төгүмдөрүн эсептеп аткарууда, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2020-жылдын 17-июлундагы № 385 токтому менен бекитилген "Мамлекеттик социалдык камсыздандыруу боюнча камсыздандыруу төгүмдөрүн эсептөөнүн жана төлөөнүн тартиби жөнүндө" Нускаманын талаптары так сакталсын.

**5. Критерийлерди бузуу кортундусу:**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 10-июнундагы №301 "Мамлекеттик жана муниципалдык ишканалар, уставдык капиталдагы катышуу үлүшүнүн 50 жана андан ашык пайызы мамлекетке таандык болгон чарбакер коомдор, анын ичинде алардын туунду чарбалык коомдору тарабынан сатып алууларды уюштуруунун жана ишке ашыруунун типтүү тартибин бекитүү тууралуу" токтому менен бекитилген Типтүү тартипти бузуу менен, **2 904,0 миң сом**го, конкурс өткөрүлбөстөн ТМБ, ошондой эле, юридикалык жана жеке жактардан кызматтар сатылып алынган.

**Сунуштама**:

Мындан ары, товардык материалдык баалуулуктарды жана кызматтарды сатып алуулар Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 10-июнундагы №301 токтому менен бекитилген Мамлекеттик жана муниципалдык ишканалар, уставдык капиталдагы катышуу үлүшүнүн 50 жана андан ашык пайызы мамлекетке таандык болгон чарбакер коомдор, анын ичинде алардын туунду чарбалык коомдору тарабынан сатып алууларды уюштуруунун жана ишке ашыруунун Типтүү тартибинин талаптарына ылайык жүргүзүлсүн.

Аудит жүргүзгөн мамлекеттик инспектор Нуранов М.

**Чоң-Кемин айыл өкмөтү**

2023-жылга бюджеттин киреше бөлүгү трансферттер менен 10 498,1 миң сом суммасында бекитилген, жыл ичинде 12 618,4 миң сомго такталган, иш жүзүндө 13 936,0 миң сом түшкөн, же план 110,0% аткарылган.

Бюджеттин чыгаша бөлүгү 10 023,1 миң сомго бекитилген, жыл ичинде 21 760,0 миң сомго такталган, кассалык чыгымдар 19 720,7 миң сомго аткарылса, накталай чыгымдар 16640,9 миң сомду түзгөн.

**1. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

АЧЖМФ жерлеринин ижарачылар менен түзүлгөн келишимдер боюнча ижара акысынын суммасы 2 014,7 миң сомду түзгөн, ал эми 2023-жылдагы АЧЖМФ жерлерин ижарага берүүдөн түшкөн киреше такталган план боюнча 806,8 миң сомго бекитилип, план орто эсеп менен **1 207,9 миң сомго** негизсиз төмөндөтүлгөн, жана бюджеттин жоготуулары болуп эсептелет;

**Сунуштама:**

Ижаралоо боюнча кирешелердин финансылык жылга план-болжолун ижара боюнча түзүлгөн келишимдердин жалпы суммасын, ошондой эле, өткөн жылдын аягына карата ижарачылардын дебитордук карыздарын жана калдыгын эске алуу менен түзүлсүн.

**2. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

2023-жылдын 28-ноябрындагы №31 келишиминин негизинде Чоң-Кемин айыл өкмөтү тарабынан "СК Райн" ЖЧКнын дарегине 3 387,2 миң сомго которулуп берилген, жана жыл ичинде "СК Райн" ЖЧК 3 075,6 миң сомго аткарылган иштер боюнча актылар тапшырылып, жыл аягында 311,6 миң сомго дебитордук карызы калган. Ошону менен бирге, Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2023-жылдын 11-июлундагы №2-Б буйругу

менен бекитилген “Мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсепти жана финансылык отчеттуулукту жүргүзүү боюнча” Жобонун талаптарын бузуу менен, “СК Райн” ЖЧКнын **311,6 миң сом** дебитордук карызы айыл өкмөттүн бухгалттердик балансында көрсөтүлгөн эмес, же жашырылган.

Аудит жүрүп жаткан мезгилде, “СК Райн” ЖЧКнын 311,6 миң сомго дебитордук карызы айыл өкмөттүн бухгалтердик эсеп-кысаптын тийиштүү счетторунда чагылдырылып, калыбына келтирилген.

**Сунуштама:**

Аудит жүрүп жаткан мезгилде, “СК Райн” ЖЧКнын 311,6 миң сомго дебитордук карызы айыл өкмөттүн бухгалтердик эсептин тийиштүү счетторунда чагылдырылып, калыбына келтирилгени эске алынсын. Мындан ары, дебитордук карызды эсепке алууда Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2024-жылдын 22-январындагы № 1-Б буйругу менен бекитилген “Мамлекеттик башкаруу секторунун уюмдары тарабынан бухгалтердик эсепти уюштуруу жана жүргүзүү боюнча” Жобосунун талаптары аткарылсын.

**3. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Айыл өкмөтүнүн 2023-жылдын 5-апрелиндеги №28-15/1 токтомунун негизинде, 2023-жылдын 16-майындагы №161 төлөм тапшырмасы менен Чоң-Кемин жайыт пайдалануучулар бирикмесине 250,0 миң сом тарабынан которулуп берилген, бирок Чоң-Кемин жайыт пайдалануучулар бирикмеси тарабынан аткарылган иштер жөнүндө актылар тапшырылган эмес, жана Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2023-жылдын 11-июлундагы №2-Б буйругу менен бекитилген “Мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсепти жана финансылык отчеттуулукту жүргүзүү боюнча” Жобонун талаптарын бузуу менен, Чоң-Кемин жайыт пайдалануучулар бирикмесинин **250,0 миң сом** дебитордук карызы айыл өкмөттүн бухгалттердик балансында дебитордук карыз катары көрсөтүлгөн эмес, же жашырылган.

Аудит мезгилинде Чоң-Кемин айыл өкмөтү тарабынан Чоң-Кемин жайыт пайдалануучулар бирикмесинин 250,0 миң сом дебитордук карызы бухгалтердик эсеп боюнча калыбына келтирилген.

**Сунуштама:**

Аудит мезгилинде Чоң-Кемин айыл өкмөтү тарабынан Чоң-Кемин жайыт пайдалануучулар бирикмесинин 250,0 миң сом дебитордук карызы бухгалтердик эсеп боюнча калыбына келтирилгени эске алынсын. Мындан ары, дебитордук карыздарды эсепке алууда, Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2024-жылдын 22-январындагы № 1-Б буйругу менен бекитилген “Мамлекеттик башкаруу секторунун уюмдары тарабынан бухгалтердик эсепти уюштуруу жана жүргүзүү боюнча” Жобонун талаптары так аткарылсын.

**4. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Чоң-Кемин айыл өкмөтүндө 2023–жылдын башына АЧЖМФ жерлеринин ижара акысынын карызы 497,0 миң сомду түзгөн, жыл ичинде 2 014,9 миң сомго ижара акылары эсептелген. 2023-жыл ичинде 1 014,3 миң сомго ижара акы өндүрүлгөн, же 2023-жылдын 31-декабрына карата аталган булак боюнча карыздар 1 497,6 миң сомго чейин өскөн.

**Сунуштама:**

АЧЖМФ жерлеринин ижара акысын, анын ичинде айыптык санкциялар боюнча карыздарды өндүрүү боюнча иштиктүү чаралар жүргүзүлсүн.

**5. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

«Чоң-Кемин айыл өкмөтүндө Футбол кичи-аянтынын курулуш иштери» объектиси боюнча подрядчы "СК Райн" ЖЧКсы тарабынан аткарылган курулуш-куроо жана оңдоо иштерине жүргүзүлгөн аудитте, тандалма өлчөмдөр алынып, жумуштардын көлөмдөрдү **130,6 миң сомго** жогорулатылгандыгы аныкталган.

**Сунуштама**:

Аудитте аныкталган, «Чоң-Кемин айыл өкмөтүндө Футбол кичи-аянтынын курулуш иштери» объектиси боюнча подрядчы "СК Райн" ЖЧКсы тарабынан 130,6 миң сомго

иштердин жогорулатылган көлөмүн бюджетке калыбына келтирүү боюнча чаралар көрүлсүн.

Аудит жүргүзгөн мамлекеттик инспекторлор Курманбеков Т., Кубанычбеков Д.

**Чым-Коргон айыл өкмөтү**

2023-жылы бюджеттин киреше бөлүгүнө такталган 19 564,4 миң сом, анын ичинде атайын каражат эсеби 1 939,9 миң сом, план алдында 19 535,5 миң сом, анын ичинде атайын каражат эсеби 1 840,8 миң сом түшкөн, же план 100% аткарылган.

Андан сырткары жылдын башында бош калдык 3 196,1 миң сомду түзгөн, анын ичинен 72,5 миң сом атайын каражаттар эсеби боюнча. Бюджеттин чыгаша бөлүгү 14942,7 миң сом суммасында бекитилген, анын ичинен 899,8 миң сом атайын каражат эсеби боюнча. Жалпы такталган чыгым 22 761,5 миң сом түзгөн анын ичинен: атайын каражат эсебинен 2 012,4 миң сомду түзөт, жылдын башында бош калдык 3196,1 миң сом, кассалык чыгым 21 454,6 миң сом түзгөн, чыныгы чыгым 20 848,1 миң сом түзгөн.

**1. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

АЧЖМФ жерлеринин ижарачылар менен түзүлгөн келишимдер боюнча ижара акысынын суммасы 3 778,6 миң сомду түзгөн, 2023-жылдын 1-январына карата ижарачылардын карызы 1 760,1 мин сом, ал эми 2023-жылдагы АЧЖМФ жерлерин ижарага берүүдөн түшкөн киреше такталган план боюнча 3 717,9 миң сомду түзгөн, жалпы план орто эсеп менен **1 820,8 миң сомго** негизсиз төмөндөтүлгөн, жана бюджеттин жоготуулары болуп эсептелет.

**Сунуштама:**

Ижаралоо боюнча кирешелердин финансылык жылга план-болжолун ижара боюнча түзүлгөн келишимдердин жалпы суммасын, ошондой эле, өткөн жылдын аягына карата ижарачылардын дебитордук карыздарынын жана калдыгын эске алуу менен түзүлсүн.

**2. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

"Элдик" СПАнын ирригациялык тармактарды реконструкциялоо" долбоорунун бюджеттик насыясынан калган карыздарын өндүрүү максатында 2020-жылдын 11-ноябрында каралган ГД-2363/20-Ч3 иши боюнча түзүлгөн тынчтык келишиминин негизинде Чым-Коргон айыл өкмөтү тарабынан кепилдик берүүчү катары Кыргыз Республикасынын Каржы Министрлиги алдындагы бюджеттик насыяларды башкаруу боюнча мамлекеттик агенттигине **1 474,4 миң сом** төлөнгөн, жана айыл өкмөттүн бюджетинин жоготуулары болуп эсептелет.

**Сунуштама:**

Чым-Коргон айыл өкмөтү Кепилдик катары төлөп берген 1 474,4 миң сом акча каражаттарын жоопкер "Элдик" СПАдан регресстик тартпите кайтарып алуу боюнча тиешелүү чаралар көрүлсүн.

**3. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

2023-жылы кызматкерлерге эмгек акыларын эсептеп төлөөдө, Кыргыз Республикасынын Салык кодексинин 168-беренесин бузуу менен **68,1 миң сомго** киреше салыгы кармалбай калган.

**Сунуштама:**

68,1 миң сомго киреше салыгы кызматкерлерден кармалып, тиешелүү бюджеттерге которулсун. Мындан ары, эмгек акыларды эсептеп төлөөдө, Кыргыз Республикасынын Салык кодексинин талаптары так сакталсын.

**4. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Чым-Коргон айыл өкмөтүндө 2023-жылга бир балага бир күнгө тамак-ашка бала-бакчада 57,0 сом каралган. Иш жүзүндө тамак ашка жыл ичинде **130,8 миң сом** ашыкча каржыланган жана сарпталган. Финансы-экономикалык бөлүмүнүн башчысынын Р. Касакованын түшүндүрмөсү боюнча, азык-түлүктүн 2023-жыл ичинде кымбатталышы менен байланыштуу, деп түшүндүрөт.

**Сунуштама:**

Мындан ары, азык-түлүк чыгымдарын пландаштырууда, азык-түлүккө болгон баанын өсүшүн эске алуу менен бюджет түзүлсүн жана бул берене боюнча ашыкча каржылоого жол берилбесин.

**5. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 3-ноябрындагы № 694 токтому менен бекитилген “Бюджеттик мекемелерди финансылоодо Жылдык отчеттор боюнча эсептөөлөрдө товардык-материалдык баалуулуктардын нормативден ашыкча запастарын жана каражаттар калдыктарын эсепке алууну жүргүзүүнүн тартиби жөнүндө” Нускаманы бузуу менен, жылдын аягына карата **53,8 миң сомго** көмүрдүн нормативден ашыкча запастары калган.

**Сунуштама:**

Мындан ары, товардык-материалдык баалуулуктардын нормативден ашыкча запастарынын болушуна жол берилбесин. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 3-ноябрындагы №694 токтому менен бекитилген “Бюджеттик мекемелерди финансылоодо жылдык отчеттор боюнча эсептөөлөрдө товардык-материалдык баалуулуктардын нормативден ашыкча запастарын жана каражатта калдыктарын эсепке алууну жүргүзүүнүн тартиби жөнүндө” Нускаманын талаптары так сакталсын.

Көмүр боюнча 53,8 миң сомго нормативден ашыкча запастары кийинки жылга каржылоодо эсепке алынсын.

**6. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

2023 – жылдын 1-январына карата АЧЖМФ жерлеринин ижара акы төлөмүнүн карызы 1 805,0 миң сомду түзгөн. Жалпы 2023 - жылга ижаралык сумма 3 778,6 миң сомду түзгөн жыл ичинде бюджетке жалпы ижара төлөмү 2 191,0 миң сомду түзгөн. 2023 – жылдын 31-декабрына карата АЧЖМФ жерлери боюнча ижара карыз 3 392,0 миң сомду түзүп, киреше катары түшпөй калган.

**Сунуштама:**

АЧЖМФ жерлеринин ижара акысы, анын ичинде айыптык санкциялар боюнча карыздарды өндүрүү боюнча иштиктүү иш-чаралар жүргүзүлсүн.

**7. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

«Самансур айылынын орто мектебинин жылытуу системасын оңдоо иштери» объектиси боюнча подрядчы "Би Тесла" ЖЧКсы тарабынан аткарылган курулуш-куроо жана оңдоо иштерине жүргүзүлгөн аудитте **17,0 миң сомго** жумуштарынын көлөмдөрү жогорулатылгандыгы аныкталган.

**Сунуштама**:

“Самансур айылынын орто мектебинин жылытуу системасын оңдоо иштери” объектиси боюнча подрядчы "Би Тесла" ЖЧКсы тарабынан 17,0 миң сомго иштердин жогорулатылган көлөмүн бюджетке калыбына келтирүү боюнча чаралар көрүлсүн.

Аудит жүргүзгөн мамлекеттик инспекторлор Мейманалиев Дж., Кубанычбеков Д.

**Жыйынтык:**

Жүргүзүлгөн аудиттерде төмөндө көрсөтүлгөн субъекттердин бюджеттеринин түзүлүшү жана аткарылышы бардык олуттуу аспектилеринде аудиттин критерийлерине шайкеш келгендиги аныкталды:

**Кыргыз Республикасынын Финансы министирлигинин Кемин финансы башкармалыгы.**

2023-жылга чыгымдар сметасы 3 789,0 миң сомго бекитилген, жыл ичиндеги өзгөрүүлөр менен бюджеттик чыгымдарлар смета боюнча 5 860,8 миң сомго такталган. Кассалык чыгымдар жалпысынан 5 523,1 миң сом жана иш жүзүндөгү чыгымдар 5 508,4 миң сомду түзгөн.

Аудит жүргүзгөн мамлекеттик инспектор Исанов Т.

**Кемин районунун Өнүктүрүү фонду**

2023-жылга курулуш куруу жана капиталдык оңдоого 3111 “Имараттар жана курулуштар” беренесине каралган сметасы 155 071,8 мин сомго бекитилген жана 195 766,7 миң сомго такталган, кассалык жана иш жүзүндөгү чыгымдары 119 787,1 миң сомду түзгөн.

Аудит жүргүзгөн мамлекеттик инспектор Утурова А.

“Жаңы-Алыш машина-трактордук станциясы” муниципалдык ишканасынын финансылык документтерин Кемин районун прокуратурасы тарабынан алынгандыгына байланыштуу, ишкананын 2023-жылдагы ишине шайкештик аудит жүргүзүлгөн жок.

**Кыргыз Республикасынын**
**Эсептөө палатасынын**
**Бишкек шаары, Чүй жана**
**Талас областтары боюнча аймактык**
**бөлүмүнүн жетекчиси** **М.М. Калмуратов**

Аткарган: мамлекеттик инспектор Исанов Т., тел.+996(312)623518